**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**АКАДЕМИК А. А. АЛТМЫШБАЕВ атындагы
ФИЛОСОФИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ
УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д 09.22.657

Кол жазма укугунда
УДК: 172.1:930. 1(575.2)(04)

**АЛЫМБАЕВ АБДРАХМАН МЫРЗАГУЛОВИЧ**

**(Байас Турал)**

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ДҮЙНӨТААНЫМЫНЫН МИФОЭПИКАЛЫК ТАБИЯТЫ: ТЕНИР ФИЛОСОФЕМАСЫНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ

09.00.03 – философиянын тарыхы

Философия илимдеринин доктору окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

Бишкек - 2024

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтунун Дин таануу жана диндердин философиясы бөлүмүндө даярдалган.

**Илимий консультанты**: **[д.ф.н., проф. Кулназаров А.К.]**

**Расмий оппоненттер**: **Исаков Кубанычбек Абдыкадырович,** философия илимдеринин доктору, доцент, Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасынын башчысы

**Усупова Чолпон Сабыровна,** философия илимдеринин доктору, доцент Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын философия жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы

**Балтабаева Аида Тынайбековна,** философия илимдеринин доктору, доцент, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек университетинин эл аралык байланыштар жана стратегиялык өнүгүүлөр боюнча проректору

**Жетектөөчү мекеме:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жанан гуманитардык дисциплиналар кафедрасы

Диссертациялык иш 2024-жылдын 30 октябрында саат 13.00 до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академикА. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын ат ындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдернин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларды изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.22.657 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги:, 720033 Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547. Коргоонун идентификатору: https://vc.vak.kg/b/092-awn-tnx-ylr

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй просп. 265-а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (720033, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547) жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын https://vc.vak.kg/b/092-awn-tnx-ylr сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 30 сентябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ф.и.к., доцент** **Алымкулов З. А.**

## ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Теманын актуалдуулугу**. Кыргыз элинин улуттук кайра жаралуу процессинин жүрүшүндө анын дүйнөгө болгон көз караштарынын өзгөрүшүн, руханий дүйнөсүнүн жаңыланышын илимий жактан изилдөөгө алуу азыркы учурдун талабы. Тарыхый басып өткөн жолун, байыркы доорлорго таандык маданий мурастарын терең талдоого албай туруп, ага аныктама берүүгө мүмкүн эмес.

Ушуга байланыштуу социо-маданий реалдуулуктун контекстинде байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын генезисин, анын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн этаптарын ар тараптуу талдоого алуунун тарыхый-философиялык мааниси зор. Адам дүйнө таанымынын жана ал жараткан коомдогу ар кандай идеялардын келип чыгышынын себептерин, зарылчылыктарын, убакыт жана мейкиндик боюнча ал идеялардын таралуу жолдорун билбей туруп, биз анын эмне деген Эл экенин андап биле албайбыз. Мына ушул көз караштан алганда, байыркы Кыргыз элинин мифоэпикалык дүйнөтаанымынын руханий мурастарын: адам, эл, кудай жөнүндөгү түшүнүктөрүн жана алардын философиялык негиздерин түзгөн Тенир философемасын изилдөөгө алуу илимий-теориялык мааниге ээ.

"Кыргыздардын философиялык мурастарынын тарыхын талдоо жалаң гана илимий максаттарды көздөбөйт – ал биринчи кезекте коомдун маданий турмушунун заманбап көйгөйлөрүн чечүүнү ичине камтыйт. Өткөн доордун маданий баалуулуктарына кайрылуу, дүйнөтаанымдын идеологиялык аспектилерин изилдөө инсандын интеллектуалдык, маданий, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө шарт түзөт жана өбөлгө болот" [211]. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын философиялык негизин түзгөн Теңиртаанымын изилдөөгө алуу – биздин илимий изилдөөнүн да өзөгү болуп саналат. Ал бир гана Тениртаанымын эмес, ал байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымдарына тиешелүү теологиялык, этнологиялык жана антропологиялык маселелерди да ичине камтыйт.
Байыркы көчмөн элдердин урпактары жашап жаткан Евразия мейкиндигинде, кийинки жылдары Теңиртаанымына болгон кызыгуу илимий изилдөөлөрдүн негизги предметтеринин бирине айланды. Айрыкча алтай, якут, башкыр, казак жана монгол элдеринде бул дүйнөтаанымды ар тараптуу илимий талдоого алган монографиялык изилдөөлөр, илимий-публицистикалык жыйнактар жана макалалар жарык көрүп, докторлук жана кандидаттык диссертациялар корголууда. Академик Ы.М.Мукасовдун: "Кыргыз элинин байыркы дүйнө таанымы, анын мифологиясы акыркы мезгилде тарыхчылар, этнографтар, фольклорчулар тарабынан изилденип, ар кандай түшүнүктөрдү, илимий болжолдорду ортого салып, талаштуу маселелерди карап чыгууда; бирок, байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы али атайын философиялык изилдөөлөрдүн предмети боло электигин моюнга алуу керек" [152] деген сөзү бул багыттагы изилдөөлөрдүн ал-абалы кандай экенин айтып турат.

Теңиртаанымы - негизинде дуалисттик көз караш жаткан окуу, маданий феномен, деисттик мүнөздөгү табигий диндин функциясын аткарган ишеним,

ачык дүйнө тааным катары дагы ар тараптуу жана терең изилдөөгө алынышы зарыл. Биз өзүбүздүн изилдөөбүздө, Теңиртаанымдын өзөгүндө байыркы арий элдерине таандык дуалисттик принцип камтылган, деисттик мүнөздөгү, синкреттешкен дүйнөтаанымы катары карайбыз.

Кийинки учурда дүйнөдөгү ар бир эл өз иденттүүлүгүн коргоп, ага тиешелүү мурастарды көтөрүүдө. Бул процесс бүгүнкү күнү мамлекеттик деңгээлде талкууланып: теле-радио жана басма сөз беттеринде салт, нарк жана руханий мурастар тууралу көп жазылып, тынбай кеп кылынууда. Натыйжада: "салттуу билим", "салттуу чыгармачылык", "салттуу музыка", "салттуу педагогика", "салттуу башкаруу системасы" деген сыяктуу терминдер пайда болуп, алар илимий айлампага салынып жатат. Бул багытта, өлкө башчысы да өзүнүн улуттук жана мамлекеттик идеология боюнча концепциясын монография [94] түрүндө жарыялап, минтип жазды: "Улуттук идеологиянын айланасында ар кандай сөз болуп, көп учурда "биздин улуттук идеологиябыз жок" деген маанидеги ой-пикирлерди угуп калам. Терең маани берип караганда, улуттук идеологиябыздын жок болушу мүмкүн эмес. Улуттук идеологиянын негизги баалуулугу улуттун түпкү рухун, нарк-насилин, касиет-кутун, кулк-мүнөзүн, улуттук өзгөчөлүгүн өзүнө камтып, аны сактагандыгында эмеспи. Эгер Кыргыз улутунун улуттук идеологиясы жок болсо, анда улут катары кылымдарды карытып, жашай албай, мезгилдин каардуу капшабында аты-жөнү калбаган көптөгөн улуттардын бири катары эчак жер бетинен жок болуп, башка улуттарга сиңип кетмек. Биз улут катары бүгүнкү күнгө чейин сакталып келдик. Демек, улуттук идеологиябыз бар. Ар бирибиздин каныбызда анын кылымдардан бери сакталып келе жаткан угуту "кайнап" турат. Болгону, кимибиз аны кандай түшүнөбүз жана жашоодо кандай кабыл алып, колдонобуз, маселе ушунда" [94].

Ошентип, бүгүнкү кыргыздардын маданий турмушунан алынган материалдардын негизинде байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын идеологиялык аспектилеринин актуалдуулугун тарыхый-философиялык жактан түшүнүү зарылдыгы келип чыкты. Жогоруда айтылган фактыларды эске алуу менен азыркы учурда кыргызтаануунун идеялык маңызын изилдөө өзгөчө мааниге ээ болууда.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий–изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Тема Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын академик А.Алтмышбаев атындагы Философия институтунун тематикалык планына киргизилген. Диссертациянын мазмунундагы негизги идеялар Элдик Курултай институтунун мыйзамын иштеп чыгууга жана анын башкаруу системасындагы ордун аныктоого чоң салым кошуп келүүдө.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты – улуттук маданий салттын негизги элементи катары байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын табиятын жана Теңир философемасынын эволюциясын ар тараптуу талдоо болуп саналат.



**Диссертацияда төмөнкүдөй милдеттер коюлган:**

1. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын калыптанышын жана андагы Теңиртааным принциптеринин чагылдырылышын аныктоо;
2. Теңир философемасынын контекстинде байыркы кыргыз элинин космогониялык, этнологиялык, антропологиялык жана тотемдик дүйнөтаанымдарын изилдөө;
3. Теңиртаанымын диний-философиялык система катары ар кандай тарыхый мезгилдердеги трансформация абалдарын эске алуу менен анын эволюциялык жолун талдоо алуу;
4. Теңир философемасынын азыркы кыргыз коомунун улуттук баалуулуктарына, этикалык нормаларына жана социалдык маселелеринин калыптанышына тийгизген таасирин аныктоо;
5. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымындагы улуттук өзгөчөлүктүн (иденттүүлүгүнүн) калыптанышы жана андагы Теңир философемасынын ордун белгилөө;
6. Ааламдашуу шартындагы Кыргыз элинин улуттук кайра жаралуу процесстеринде мифоэпикалык мурастардын ролун аныктоо;
7. Теңир философемасынын азыркы кыргыз маданиятында жана каада-салттарында колдонулушун изилдөө жана баалоо.

**Диссертациялык изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи** болуп, дүйнөлүк философия илиминин классиктеринин, кыргыз философторунун эмгектери, теориялык жалпылоолору, парадигмалары, изилдөөлөрү каралды. Диссертацияда илимий ыкмалар: анализ жана синтез; чечмелөө жана жалпылоо; салыштырма; тарыхый-логикалык; экзистенциалдык; абстрактуулук жана конкреттүүлүк; аксиоматикалык жана башкалар колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы – кыргыздардын ачык, өзгөчө жана спецификалык дүйнө тааным катары Теңир ишенимине жана мифоэпикалык дүйнөтаанымга концептуалдык тарыхый-философиялык анализ берүүгө аракет кылгандыгында. Атап айтканда, диссертацияда:

1. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын философиялык маңызы илимий көз караштa изилденди;
2. байыркы кыргыздардын этнофилософиялык системасын калыптандырууда башкы фактор катары саналган Теңиртаанымдын маселелери тарыхый-философиялык аспектиден изилдөөгө алынды;
3. байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын космогониялык, этнологиялык жана антропологиялык маселелери изилденди;
4. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын табияты жана Теңиртаанымдын дуалисттик маңызы жана деисттик мүнөзү талдоого алынды;
5. көркөм чыгармачылыктагы Теңиртааным идеяларынын чагылдырылышынын жана заманбап жаңылануусунун мыйзам

ченемдүүлүктөрү такталып, улуттук маданиятта мифоэпикалык мурастарды сактоо жана кийинки муундарга өткөрүп берүү жолдору такталды;

6. азыркы кыргыз коомунун улуттук баалуулуктарына, этикалык нормаларына жана социалдык маселелеринин калыптанышына Теңир философемасынын тийгизип жаткан таасирлери изилденди;

7. байыркы мезгилдеги Теңиртаанымдын таралуу мейкиндиги жана анын диний, идеологиялык функциялары аныкталды;

8. Теңир философемасынын азыркы кыргыз маданиятында колдонуу тажрыйбасы изилденди.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн практикалык натыйжалары келечек муундарга, окумуштууларга, философторго жана аталган тема боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө чоң өбөлгө түзөт. Мектептер жана жогорку окуу жайлары үчүн Кыргызстандын тарыхы боюнча окуу китептери жыл сайын чыгарылып турат. Бул окуу китептеринин бардык артыкчылыктарына карабастан, байыркы кыргыз дүйнөтаанымына байланышкан маселелер жетиштүү негизделбеген жана толук чагылдырлган эмес. Айрыкча, байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын Тениртаанымына байланышкан өзгөчөлүктөрү көбүнчө шаманизмдин элементтери менен аралашып кеткен. Ошондуктан, автор окуу китептерин, монографияларды жана башка басылмаларды басып чыгарууда бул көйгөйдү бир кыйла объективдүү чагылдырууга ар тараптуу жардам көрсөтө турган эмгек катары сунуш кылат. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары Борбордук Азиядагы Ага Хан фондунун “Адамтаануу” проектисинде, илимий-практикалык конференцияларда окулду. Анын айрым бир бөлүктөрү Борбор Азиядагы Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстан республикалары биргелешип иштеп жатышкан “Адамтаануу” (2022-ж., орус тилинде; 2023-ж., кыргыз тилинде) боюнча жазылган окуу китебине кирди.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.**

1. Мифоэпикалык дүйнөтааным-адамдын ой жүгүртүүсүнүн жана дүйнө таанымын билдирүүнүн өзгөчө бир формасы. Бул форма мифоэпикалык аң-сезимдин пайда болушу менен түз байланыштуу. Мифоэпикалык аң-сезим өзүнүн эволюциялык жолунда ар кандай социалдык себептердин таасири астында мифологиядан ажырап, эпикалык аң-сезимге орун бошотот. Миф жана эпос изилдөөчүлөр: «ар бир эпостун артында диний маанисин жоготкон миф жатат» деп белгилешет.

Дал ушул эпикалык аң-сезимге ээ болгон адамдан биз биринчи жолу акыл-эси жетилген, күчтүү жана эркин инсанды көрөбүз. Ф.Х Кэссидинин жазганы боюнча, “философия мифологиядан эмес, түздөн-түз эпостон өсүп чыгат”. Алгачкы эпикалык салыштыруулар, натурфилософиялык түшүнүктөр жана поэтикалык метафоралар бара-бара кристаллдашып тазаланат. Анткени, эпос өтө таза аң-сезим ээ эмес, ал ар дайым мифологиялык элементтер коштогон жанр.

2. Алар адамдын жашоосунун ар кандай аспектилерин түшүндүрүү жана чечмелөө үчүн колдонулган дүйнөнүн символикалык көрүнүшү. Мифоэпикалык дүйнөтааным табияттын, адамдын жашоосунун маанисин жана



максатын түшүнүүгө жардам берген терең философиялык идеяларды жана түшүнүктөрдү камтуу менен дүйнөнүн келип чыгышы, адамдын жаралышы, моралдык баалуулуктар жана элдик этикалык стандарттар жөнүндө каймана жана түз чагылдырган символикалык идеяларды сунуш кылат.

3. Мифтер менен эпикалык чыгармалар өткөн тарыхты таанып-билүүнүн булагы гана болбостон, салттарды, баалуулуктарды сактоого жана жеткирүүгө өбөлгө түзгөн муундар ортосундагы байланыштын формасын да билдирет. Мындан тышкары мифоэпикалык дүйнөтааным адамзатка өткөн доорлор менен тарыхый байланышты ишке ашырууга шарт түзүп, мейкиндикти кеңейтип, болмуш, жашоонун мааниси жана ар бир инсандын коомдогу орду тууралуу терең суроолор боюнча ой жүгүртүүгө түрткү берет. Дегеле мифоэпикалык дүйнөтааным өзүн илимий форма катары көрсөтүү, терең чындыктарды, баалуулуктарды символикалык чагылдыруу жөндөмү аркылуу философиялык мүнөзгө ээ. Ал бизге ой жүгүртүүнүн жана дүйнөнү түшүнүүнүн жаңы горизонтторун ачууга, аң-сезимибизди кеңейтүүгө жана чындыкка болгон мамилебизди тереңдетүүгө жол ачат.

4. “Теңир” түшүнүгү байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын өзөктүү элементи катары терең философиялык мааниге ээ. Кыргыз салтында, Теңиртаанымы адам жашоосунун ар кыл тармагына таасир тийгизе турган өзгөчө касиеттерге ээ мистикалык күчтөрдү жана рухтарды билдирет. Кыргыз дүйнөтаанымынынын өзөгү болгон “Теңир” түшүнүгүн философиялык жактан талдоого алуу, анын адам менен табияттын ортосундагы байланыштарды аңдоодо канчалык маанилүү экенин көрсөтөт; жаратылышка, космоско жана бизди курчап тургандын бардыгына терең урмат көрсөтүүнү билдирет жана алар менен гармониялуу жанаша жашоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт.

5. “Теңир” түшүнүгү дүйнөдөгү бардык субъекттердин өз ара органикалык байланышы жана бири-бирине көз карандылыгы идеясы менен байланышкан. Жаратылыштын, өсүмдүктөрдүн жана фаунанын ар кандай аспектилери, айлана-чөйрөнүн элементтери, адамдар бирдиктүү жана ажырагыс бүтүндүктүн бөлүктөрү болуп саналат. Бул философиялык окуу жашоонун бардык тармактарында тең салмактуулукту жана гармонияны сактоонун маанилүүлүгүн эске салат.

6. Кыргыз дүйнөтаанымындагы “Теңир” түшүнүгүн философиялык жактан талдоо бул элдин диний-философиялык окууларын, ишенимдерин жана баалуулуктарын, ошондой эле жаратылышка, курчап турган дүйнөгө жана Теңирге болгон мамилесин тактоого жана туура түшүнүүгө тарбиялайт. Теңир теоними жана анын этимологиясы, аны уникалдуу дүйнөтааным катары изилдөө аркылуу ар кандай маданияттар жана алардын философиялары жөнүндө түшүнүгүбүздү кеңейтүүгө жардам берүүсү үчүн ар кандай этаптарга бөлүнүп каралды.

7. Кыргыздын салттуу маданиятынын жана мифоэпикалык дүйнөтаанымынын негизинде Теңиртааным философиясы жатат. Анда мифологиялык жана эпикалык элементтер айкалышып, кыргыздардын аң-сезиминин жана дүйнөтаанымынын өзгөчөлүктөрү чагылдырылат. Мифоэпикалык дүйнөтаанымдын философиясында негизги орунду

жаратылышта, жаратылган нерсенин баарында болгон улуу күч – Көкө Теңир же абсалюттук Дух түшүнүгү ээлейт. Теңир адам, жаратылыш жана мейкиндиктин ортосундагы гармонияны, тең салмактуулукту жана биримдикти чагылдырат.

8. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын өзөгү болгон Теңир философиясынын негизги идеяларынын бири – бардык нерселердин биримдиги жана дүйнөнүн бардык элементтеринин өз ара байланышы жөнүндөгү идея. Адам бирдиктүү жана гармониялуу ааламдын бир бөлүгү катары каралып, жаратылыш менен жашоого, уламыштарда жана эпостордо айтылган этикалык жана моралдык нормаларды сактоого умтулат. Мифтик элементтер сакталган эпикалык чыгармада, Ортоңку дүйнөнүн ээси катары Киши уулун Тик жана Түз дүйнөнүн ээлери колдоого алат. Кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын негизги элементтери болгон мифтер менен эпостор Теңир философиясынын мурастарын, ата-бабалардын баалуулуктарын, акылмандыгын, тажрыйбасын өткөрүп берүүдө чоң роль ойнойт. Кыргыздардын Асман, Жер жөнүндөгү түшүнүктөрү Теңир философиясынын алкагында изилденди. Ал, кыргыздарга жаратылыштын, коомдун, рухий дүйнө таанымдын маңызын жана салттуу билимдерди муундан-муунга өткөрүп берүүгө жана сактоодо жардам берери баса белгиленди.

9. Тарыхта, Теңир ишенимине байланышкан Тоо, Көл, Көккө сыйынуу сыяктуу салттуу ырымы-жырымдар улуттук дүйнөтаанымдын идеялары менен түшүндүрүлөт. Теңир жана ислам дүйнөтаанымдарындагы элементтердин синкретизми жергиликтүү элдин мифологиялык жана диний салттары менен айкалыштыруудагы татаал процессти чагылдырат. Илимий изилдөөдө ошондой эле маданий контексттердеги Тенир дүйнөтаанымынын ачыктыгы, ийкемдүүлүгү, шартка жараша ыңгайланышы жана убакыттын өтүшү менен диний тажрыйбадагы өзгөрүүлөрү көрсөтүлдү.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Концептуалдык тарыхый-философиялык изилдөөнүн негизинде талдоого алынган байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын негизги илимий корутундулары жана жоболору диссертациянын авторунун Кыргыз элинин философиялык мурастарын изилдөөгө кошкон жеке салымы болуп саналат. Сунушталган негизги илимий жоболор менен тыянактар изденүүчүнүн көп жылдык эмгегинин жыйынтыктары.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациянын негизги идеялары жана жоболору эл аралык, республикалык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда, симпозиумдарда, семинарларда жана тегерек столдордо баяндалган.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланган эмгектерде чагылдырылышы.** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча 3 монография жана 25 илимий макала (анын ичинен 12 макала чет өлкөдө) Scopus, РИНЦ системаларына кирген журналдарда жарыяланып, жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш Киришүүдөн, 4 баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү - 224 бет. Пайдаланылган адабияттардын саны - 231.



## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациялык иштин **Киришүү** бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, максаты менен милдеттери, иштин илимий жаңылыгы, диссертациянын практикалык мааниси жөнүндө сөз болду, анын коргоого алынып чыгылып жаткан негизги жоболору орун алды; изденүүчүнүн жеке салымы көрсөтүлдү, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы жана алардын жарыяланган эмгектеринде толук чагылдырылышы, иштин курамы жана көлөмү тууралуу маалыматтар берилди.

Адабияттарга обзор жасалган **Биринчи бапта** кыргыз элинин дүйнөтаанымын изилдөөгө арналган илимий эмгектер талдоого алынды. Изилдөөчүлөрдүн айткандары боюнча, ар кандай дүйнөтаанымдын өзөгүн дин түзөт. Дал ошол сыяктуу эле, байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын негизин да Теңир философемасы түзүп, анын маңызын жана принциптерин аныктап турат. Андыктан дүйнөтаанымга байланышкан изилдөөнүн бардык баштаттарында жана багыттарында Теңиртаанымды изилдөөдөн баштоо салтка айланган. Бул илимий иште да, автор ошол салтты улантып, этнофилософиялык аспектиден талдоого алынган өзүнүн космологиялык, этнологиялык жана антропологиялык изилдөөлөрүнүн маани-мазмунун Тенир философемасы менен байланышта карайт.

Биринчи бапта кыргыз элинин дүйнөтаанымынын ойломун изилдөөгө арналган илимий эмгектер талдоого алынды. Ыйман жана анын сакталган элементтери боюнча 1959-жылы А.Жумагулов тарабынан жарык көргөн жыйнактагы кеңири материалды талдоонун тереңдиги жана оригиналдуулугу көңүл бурууга арзыйт [95]. Алтымышынчы жылдар Б. Аманалиевдин белгилүү эмгектери [25] менен даңазаланды. 1963-жылы анын «Кыргыз элинин аң-сезиминдеги диний, динсиз жана атеисттиктик көз караштардын өз ара байланышы жөнүндө» деген эмгеги жарык көргөн. Теңирдин оригиналдуулугу жана анын түзүлүшү жөнүндөгү идеялар Б.А.Аманалиевдин «Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери» деген мазмундуу жана терен изилденген макаласында өнүктүрүлүп, бул проблема боюнча өзүнүн көз карашын ал кыска жана так баяндаган. Ал белгилегендей, «каралып жаткан мезгилдерде кыргыздарга мүнөздүү болгон диний аң-сезимдин формаларынан кандайдыр бир татаал түзүлүштөрдү табуу кыйы [25]. Бирок, ошентсе да, ал диалектикалык материализмдин көз карашынан талдоого алган байыркы кыргыздардын ишенимдеринин кеңири панорамасын берет. Кыргыздардын мусулманчылыкка чейинки ишенимдерин изилдөөнүн андан аркы тарыхы Т.Ж.Баялиев [35], К.Мамбеталиев жана башкалар сыяктуу Кыргызстандын белгилүү окумуштууларынын эмгектери менен байланыштуу.

Мисалы, өзүнүн изилдөөлөрүндө Т.Ж.Баялиев түрк урууларынын динингдеги отко сыйынуу салты шаманчылык менен байланышканын белгилейт. Уруучулук түзүлүш доорундагы кыргыз элинин коомдук-саясий жана философиялык ой-пикиринин өнүгүшүнө чоң көңүл бурган академик А. Алтмышбаев болгон [19]. Ал кыргыздардын диний ишенимдерин мезгилдештирүүнү талдоого алып: биринчиден, байыркы мезгилде «адамдын

аң-сезими дээрлик динсиз «жашаган» деп ырастайт; экинчиден, кийинки доорлордо кыргыздардын коомдук аң-сезими будда жана ислам диндеринин үстөмдүгү астында өнүккөн; үчүнчүдөн, жашоо турмушуна жана ой жүгүртүүсүнө таасир тийгизген марксизмдин-ленинизмдин окуусу алып келген революциячыл идеялар гана биздин аң-сезимибиздин динсиз өнүгүү мүмкүнчүлүгүн калыбына келтирди» [19]. Ошол эле учурда академик А.Алтмышбаев Теңир ишенимине да кеңири жана терең талдоо берген.

Профессор М.Абдылдаев Энесайдагы эпитафиялык жазууларды талдап: "Теңирдин образында абсалюттук Духтун, улуу Кудайдын бар экенине болгон ишеним бар" деген тыянакка келет. Бирок, экинчи жагынан, марксисттик таптык мамиленин духунда изилдөөлөрүн жүргүзгөн профессор, жазуулардан үстөмдүк кылган таптын идеологиялык көз караштарын жана диний институттар тарабынан жаап-жашырылып жаткан адамды адам эзген таптык системаны да көргөн [4]. Профессор бул жазууларды изилдеп жатып, байыркы кыргыздар жашап жаткан коом жана анын өзгөрүшү гана эмес, адамдын өлүмү да Кудайдын эркине байланыштуу деп эсептешкен" деген жыйынтыкка келген. Демек, автордун пикири боюнча, кыргыздардын диний ишенимдеринде Теңирге сыйынуу белгилүү орунду ээлеген. Ошондой эле автор, "эгерде Теңирге сыйынуу чыныгы реалдуу нерсеге сыйынуу болбосо, анда, албетте, ал 20-кылымга чейин сакталып калмак эмес" деп туура белгилеген. Исламдын таралышынын алгачкы этаптарында да, кыргыздар Теңирдин маңызын жана образын мусулман кудайы Алла менен тез жана оңой эле окшоштурушкан» [4].

Кыргыздар ушул убакта да эпикалык айтуучуларын өстүрүп, тарбиялап келаткан эл. Ал манасчылар айтып жаткан "Манас" эпосунда да Кыргыздын дал ушул дүйнөтаанымга байланышкан ишенимдери да чагылдырылат.

Кийинки учурда дүйнөдөгү ар бир эл өз иденттүүлүгүн коргоп, ага тиешелүү мурастарды көтөрүүдө. Кыргызтаануу тармагында кыргыз дүйнө таанымына байланышкан эмгектер жарык көрүп жатат. Алсак: О.Тогусаков [203], Ы.Мукасов [154], Н.Саралаев [182], К.Сариева [183], С.Кайыпов [109], Ө.Козубаев [115], М.М.Амердинова [183], Г.С.Токоева [206] ж.б.

Дагы, байыркы кыргыздардын мифологиялык дүйнөтаанымына байланышкан бир топ илимий эмгектер жарык көрдү. Мисалы, Ш.Б.Акмолдоеванын "Древнекыргызская модел мира" (1996-ж.) [16], "Вселенная Манаса" (2009-ж.) [17] деген эмгектерин айтар элек. Жогоруда биз аттарын атаган философтордун эмгектеринде Манас ысмынын маанисин жана генезисин байыркы индус арийлеринин мифологиясындагы Манунун ысмы менен салыштырып, философиялык көз караштан талдоого алган ой-пикирлерин айтышкан. Бул идеяны илимий ишибизде биз да, андан ары тереңдетип, изилдегенге аракет кылдык. Ошону менен бирге Манас ысмынын жана "Манас" эпосунун салыштырып, изилдөөгө алынган сюжеттеринин негизинде байыркы шумер эпосунун башкы каарманы Билгамештин ысмы менен да байланышы болушу мүмкүн экенин айттык.

Биз изилдеген теманын айрым учурлары профессор Н.К.Саралаевдин "Мир понятий: от мифа к теории" (2003-ж.), "Историческое и логическое: от ноумена к феномену" (2004-ж.) [182] деген эмгектеринде да козголот. Автор



өзүнүн бул эмгектеринде дүйнөтаанымга байланышкан айрым бир материалдарды тарыхый-философиялык контексте талдоого алган. Изилдөөлөрдүн темалары айтып тургандай, эмгектер кыргыз философия илиминде буга чейин үстүрт гана каралып келген маселелерге арналып, теориялык жактан да постмодернисттик негизде изилденген.

Алардын ичинен биз айрыкча академик Ы. Мукасовдун эмгектерин бөлүп көрсөтөр элек. Анткени, анын изилдөөлөрү биздин ишке түздөн түз тиешеси бар. Мисалы, анын "Миф и религия как источник философии" (2013-ж.) [152], "Мировозренческая сущность кыргызских мифов" (2018-ж.) [153], "Мировозрение древних кыргызов" (2021-ж) [154] деген эмгектери дал ушул биз изилдеп жаткан темага арналган. Айрыкча, акыркы "Мировозрение древних кыргызов" (2021-ж) деген монографиясы анын көп жылдык изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы катары карасак болот. Анда негизинен кыргыз мифтеринин дүйнөтаанымдык аспектилери, диний ишенимдердин алгачкы формалары, исламга чейинки кыргыз дүйнөтаанымынын өзгөчөлүктөрү, астрономиялык, медициналык түшүнүктөрү жана байыркы кыргыздардын табиятка байланышкан билимдери философиялык көз караштан талдоого алынган.

Адам тууралуу илимге чейинки байыркы кыргыздардын Адам тууралуу түшүнүгү тууралу философия илимдеринин доктору Г.С.Токоеванын "Кыргыз философиясындагы адам болмушу" (2015-ж.) [206] деген монографиясында айтылат. Анда, байыркы кыргыздардын дүйнөтаанымы боюнча, Адам менен Табият бир бүтүн катары каралып, Адам – микрокосмос катары Табяттын же макрокосмостун бир бөлүгү деп саналган.

Салттуу билимди изилдеген философия илимдеринин доктору Г.Т.Ботокановонын "Традиционная знания: философский анализ" (2015-ж.) деген эмгеги чоң сөз кылууга татыктуу. Салттуу билимдер түшүнүгүнүн онтологиялык детерминанттуулук анын гносеологиялык өңүтү бир бүтүн система катары каралып, азыркы доордун глобалдуу экологиялык маселелери менен тыгыз үндөштүктө каралат.

А.Ж.Байбосуновдун "Донаучные представления кыргызов о природе и обществе" (1999-ж.) [32] деп аталган монографиясында Табият жана коом тууралу байыртан берки кыргыздардын түшүнүктөрү изилденген. Анда кыргыздардын астрономия, биология, физика, математика, география жана экологияга байланышкан көз караштары талдоого алынган.

Ал эми философия илимдеринин кандидаты К.Ш.Ибраевдин "Миропонимание древних кыргызов" (2001-ж.) [112] деген эмгегинде байыркы кыргыздардын мифологиялык, диний жана философиялык дүйнөтаанымы жөнүндө айтылат. Ал ар кандай коомдук аң-сезимдин калыптанышында мыйзамченемдүүлүк жана ырааттуулук сакталарын белгилейт. Башкача айтканда, коомдук аң-сезим да пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү сыяктуу этаптарды басып өтөт.

Философиянын эки түрү тууралу кеп козгогон философ Ж.Бөкөшов өзүнүн "Кыргыз философиясы" (2013-ж.) [55] аттуу эмгегинде: "Философиянын эки түрү бар: "теориялык философия" жана "табигий философия" деп жазат да, анан: "Теориялык философия" – атайылап

иликтенген, маани-мазмуну категория, түшүнүктөр менен берилип, трактат, китеп, макала түрүндө жазылган система, ой-түшүктөрдүн тутамы". Ал эми "Табигий философия" деген түшүнүктүн артында: "ар бир элдин өзүнүн философиясы болот" деген ишеним турат" деп жазат. Табигий философиянын маани-мазмунун: макал-лакап, ыр-жомок, эпос-дастан, көркөм чыгарма, санжыра-уламыш, учкул сөздөр, төкмө акындардын ырлары ж.б. түзөт. Автордун оюу боюнча, философияны "теориялык" жана "табигий" деп бөлүштүн өзү шарттуу. Табигий философия "философия" деп аталбашы да мүмкүн. Бирок, "теориялык философиянын" тамыры "табигий философиянын" кыртышынан азыктанат. Философ бул маселе боюнча өз оюн: "Кыргыз философиясы" Табигий философияга кирет" (49-51бб.) деп жыйынтыктайт. Демек, эгер биз "кыргыз философиясын" өнүктүрөбүз десек, анда философ "табигий философия" деп атап жаткан этнофилософия багытын өнүктүрүшүбүз керек. Анткени, биздин улуттук философия өсө турган кыртыш биздин элдин дээрлик "3" миң жыл бою айтып, жыйнап келген элдик оозеки чыгармаларда жатат.

Экинчи бөлүм **"Байыркы кыргыз дүйнө таанымынын мифо-эпикалык табиятын изилдөө методологиясы"** деп аталып, анда байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын табиятынын философиясын изилдөө методологиясы тууралуу жазылган.

Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын табиятын изилдөөнүн ыкмалары жана методологиясы өзгөчө мамилени жана бул маданияттын өзгөчөлүктөрүн эске алууну талап кылат. Бул теманы изилдеп жатканда колдоно турган кээ бир кадамдар жана көрсөтмөлөр чагылдырылган. Байыркы кыргыздардын мифологиясы, эпостору, дүйнө таанымы боюнча адабияттары, булактары жана эмгектери изилденген. Негизги булактар катары эпостордун, уламыштардын, мифтердин тексттери жана байыркы кыргыздардын дүйнөтаанымына байланыштуу сакталып калган башка материалдар да колдонулду. Бул булактарды изилдөө усулдары байыркы кыргыздардын мифоэпикалык уламыштары жана ишенимдери жөнүндө түз маалымат алууга мүмкүндүк берет.

Антропологиялык изилдөөдө кыргыздардын байыркы каада-салттары, ишенимдери жана учурдагы жашап жаткан коомдогу маалыматтар камтылды. Жергиликтүү тургундар менен маектешүү, ырым-жырымдарды, окуяларды жана уламыштарды байкоо жана талдоо окурмандын билимин кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө көмөктөшөт. Салыштырмалуу анализде байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымын башка мифологиялык системалар же маданияттар менен салыштырып анализделди. Бул, башка маданияттар менен жалпы белгилерди же окшоштуктарды аныктоого, ошондой эле байыркы кыргыз мифологиясынын оригиналдуулугун жана өзгөчөлүгүн талдоого арналды.

Чечмелөө жана жалпылоо ыкмасы аркылуу алынган маалыматтардын жана талдоолордун негизинде байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын табияты тууралуу чечмелөөлөр жана жалпылоолор иштеп чыгарылды. Бул негизги мифологиялык темаларды, ишенимдерди жана



мифологиянын маданий жана иденттүүлүктүн калыптанышындагы ролун баса көрсөтүүгө мүмкүндүк берди. Мифологияны чечмелөө жана байыркы дүйнөтаанымды изилдөө татаал жана көп кырдуу процесс экендигин эске алуу зарыл. Ар кандай ыкмаларды колдонуу байыркы Кыргыз элинин мифологиялык системасы жана алардын дүйнө таанымы жөнүндө толук түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

**Экинчи бап "Байыркы кыргыз дүйнө таанымынын теологиялык маселелери"** деп аталып, Теңир философемасынын маселелери талкууга алынган.

Биринчи бөлүм "Теңир жана язычество" деп аталат. Мында ар бир эл өзүнүн кудайына сыйыныш керектиги тууралуу айтылган окумуштуулардын тыянактары келтирилген. Байыркы Египет жазма булактарында да минтип айтылат: "Ким өз кудайына сыйынбаса, анда бир күнү ал камыш кыйылгандай кыйылып түшөт. Асмандагы жылдыз өчкөндөй – өчөт, түнкү туман тарагандай тарап, изсиз, жытсыз жок болот". Эгер артка кылчайып, тарыхка көз жүгүртсөк, анда дүйнөнүн көп элдери өздөрүнүн кудайларын унутуп, манкурт болуп калышканын көрөбүз. Биздин элдин дүйнөтаанымы Тик дүйнөнү – "үч" катмардан жана Түз дүйнөнү – "үч" бөлүктөн турат деп эсептейт. Тагырак айтканда, Тик дүйнө: Жогорку, Төмөнкү жана Ортоңку, ал эми Түз дүйнө: Чыгыш, Батыш жана Борбор деп аталган бөлүктөрдөн турат. Дүйнөнү ушундай кабылдоо ал биз жашап турган Күн системасына эле эмес, бүтүндөй ааламга бирдей тиешелүү. Биздин байыркы ата-бабалар көзгө көрүнүп турган Космосту, "Көкө Теңир" деген ат менен белгилүү болгон абсалюттук Духтун реалдуу көрүнүшү, анын денеси катары кабылдашкан. Алар Ааламды жандуу зат деп түшүнүшкөн. Көке – "ата", Теңир – "кудай" деген сөз, демек маанисин: "Ата Кудай" деп түшүнүү керек. Ушул сыяктуу аныктаманы биз улуу Гегелдин жазганынан да учуратабыз. Анын жазганы боюнча: "бардык нерсенин негизинде универсал субстанция катары Абсолюттук дух жатат. Теңир жалгыз жана чыныгы реалдуулук, ал бүткүл курчап турган дүйнөнүн, анын объектилеринин жана кубулуштарынын түпкү себеби".

Ошентип изилдөөчүлөрдүн жазгандарына караганда, семит элдеринин диндери: "Адам – Кудайдын кулу" деген ишенимди жайылтса, ал эми арий элдеринин диндери: "Адам – кудайдын уулу" деген ишенимди бекемдейт. Бул ишенимдердин бузулушу же алмашып калуусу, ошол элдердин бузулушуна жана адашуусуна алып келет. Андан улам, еврейлер өздөрүнүн кудайы-Яхвеге, ал эми арийлер өздөрүнүн кудайлары Сварог, Перун жана Велеске ишениши керек [201]. Анткени, арийлер Кудайга "кул болуу" ишенимин эмес, Кудайга анын "урпагы" катары кызмат кылуу ишенимин тутунушкан. Ошол үчүн алардан улуу акылман акындар жана эч нерседен тайманбаган, эр жүрөк баатырлар көп чыккан. Алардын уруулары жана урпактары ата-бабаларынан жоокердик өнөрдү мурастап, дүйнөнү басып алып, башкаруу салтын улантышкан.

Теңир философемасы тууралуу кеп кылардан мурун бул терминдин өзүнүн түпкү маанилерине токтолуу зарыл. Сөздүктөрдө: "философема философ тарабынан киргизилген жана анын окуусу менен байланышкан кыска

ойлорду, же терең мааниге ээ болгон философиялык мүнөздөгү, кээде ал тургай популярдуу жанрга таандык ар кандай учкул сөздөрдү билдирет" деп жазылган.

Язычество - "жапайылардын дини" дегенди түшүндүргөн уруулук ишеним болуп саналат. Сөздүктөрдө бул термин авраамдык диндерден башка диндерди түшүндүрүү үчүн колдонулат. Көп учурда аны адистер христиан динине чейинки көп кудайга ишенүү салтын ушул термин менен бөлүп айтышат.

Язычество термини славян чиркөөсүнүн диний кызматкерлери ойлоп тапкан термин, ал «язык» деген сөздөн алынган. Бул термин адегенде «эл» дегенди түшүндүргөн. Эски Инжилдин заманында еврейлер өзүнөн башка тили, дини, каада-салты жана жалпы маданияты бөлөк элдердин баарын «язычниктер» деп аташкан. Иудейлерден бул термин христиан лексиконуна кирген. Азыр эми бул термин «элди» же «расаны» эмес, өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар христиандык эмес диний окууларды жана дүйнөтаанымдарды түшүндүрөт. Кыскасы авраамдык окуулардын принциптерине каршы келген башка элдердин жашоо образдары жана диний ишенимдери баары язычествого кирет. Теңир жана язычество түрк жана монгол элдеринин маданий жана руханий салтынын маанилүү элементтерин билдирет. Теңир асман кудайы Теңирге сыйынууга негизделген байыркы диний система катары Табият менен Адамдын биримдигин, ата-бабалардын арбактарына сыйынуу салтын ыйык тутууну баса белгилеген.

Экинчи бөлүм **"Теңир дүйнөтаанымынын тарыхы жана эволюциясы",** исламдын таасири менен кийинки миң жыл ичинде артка сүрүлүп кеткен Теңир дүйнөтаанымы бүгүн жалпы улуттук философиянын илимий негизи катары "кайра жаралуу" процессин башынан өткөрүп жаткандыгы тууралуу чагылдырылат.

Теңир философемасы тууралуу мурунку жазма булактардагы жана бүгүнкү күнү анын түрк-монгол элдеринде сакталган элементтерин эске алып, төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз жана келечекте ушул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүүнү туура деп ойлойбуз:

Биринчи, көпчүлүк окумуштуулардын айткандары боюнча, "Теңир" менен "Аалам" синоним түшүнүктөр. Андай болсо, Теңирди "абсалюттук Дух", Ааламды – "абсалюттук Материя" (Дене) деп түшүнүү туура. Башкача айтканда Теңир – Ааламдын духовный маанисин билдирсе, Аалам – Теңирдин материалдык көрүнүшүн түшүндүрөт.

Экинчи, Алтай-Сайан элдериндеги сакталган салт боюнча, Теңир Абсалюттук Дух катары эки сапаттан турат. Алардын аттары түрк - монгол элдеринин ишенимдеринде "Үлкен" жана "Эрлик" деп айтылат. Башкача айтканда Теңир өзүнүн "жакшы" жана "жаман" сапаттарын экиге ажыратып, Үлкен менен Эрликти жаратат.

Үчүнчүдөн, Абсалюттук Дух экиге ажырагандан кийин, анын материалдык көрүнүшү болгон Аалам да: "Асман" жана "Жер" деген аталыш менен экиге бөлүнөт. Дух менен Материя бир бүтүн болгондуктан, бөлүнгөн ар бир материалдык бөлүкчө, өзү менен кошо бөлүнгөн духовный касиет менен бир жашайт. Башкача айтканда Теңир тарабынан өзүнө берилген касиет



боюнча Үлкен – "Асмандын", Эрлик – "Жердин" ээсине айланат. Аны биз, Үлкен менен Эрлик жөнүндө баяндалган мифологиялык маалыматтардан улам жакшы билебиз.

Төртүнчүдөн, өз кезегинде Асман эки сапаттан турат. Ал жөнүндө "Күн" жана "Ай" тууралуу айтылган мифтерде баяндалган. Ошондуктан биздин ата-бабалар, Асман сыяктуу эле, Күн менен Айга да, Теңирдин көзгө көрүнгөн улуу жана сырдуу касиеттери катары сыйыныша берген.

Бешинчиден, Асман сыяктуу эле Жерде да эки сапат бар. Алар: "От" жана "Суу" деп аталат. Бул экөө тең биздин байыркы ата-бабалар ыйык туткан заттар. Жер менен бирге эле экөө тең Теңирдин руханий жана мистикалык касиеттерин өзүнө синирген материялар.

Алтынчыдан, Теңирдин Жердеги көрүнүшү – ал "Адам" [173]. Чынында, Асман менен Жер кандай мааниге ээ болсо, Адам да ошондой эле мааниге ээ. Байыркы түрк мифологиясы: "Үстүдө көк Асман, астыда кара буурул Жер пайда болгондо, ортодо Киши уулу жарык дүйнөгө келген" деп, Асман менен Жердин бир катарында Киши уулу тууралу жөн жеринен кабар берип отурган жок. Анткени, Теңирдин эркисиз Адам жаралбагандай эле, Адамсыз Теңир да эч кандай мааниге ээ эмес. Теңирдин эрки менен жаралган жандардын ичинен Адамдан башка эч бирөөсү анын бар экенин билбейт? Ага Адамдай маани берип, ыйык тутуп, Ага Адамдан башка эч бир жаныбар сыйынбайт. Анткени, Анын бар экенин жүрөгү сезсе да, акыл-эси болбогондуктан аңдап биле албайт. Ошондуктан Адам Асманды – "ата", Жерди "эне" деп атат. Анткени, Теңирдин эрки менен Адам - ал Экөөнүн (Асман менен Жердин) "ортосунан" жаралган.

**"Теңир дүйнөтаанымынын космологиясы жана анын дуалисттик мүнөзү"** аттуу үчүнчү бөлүмдө философиялык көз-караште Теңир теониминин этимологиясын изилдөөгө кеңири токтолгон.

Байыркы жана башка элдин тилинде кезиккен "эски" сөздүн маанисин бүгүнкү жана башка тилде сүйлөп калган урпактардын тили менен чечмелөө канчалык деңгээлде туура? Мисалы, биз-кыргыздар арий доорунда, арий тилинде пайда болгон "кыргыз" этнониминин маанисин бүгүнкү түрк тилинде сүйлөп жаткан кыргыз тили менен түшүндүрүп келатабыз. Бул методология канчалык деңгээлде так жана илимий? Ушундай ыкма менен изилдөөлөрдү жүргүзүп келтышкан окумуштуулар бир гана маселеде туура: биз-бүгүнкү кыргыздар, ошол байыркы кыргыздардын урпактарыбыз деген көз караштан алган учурда гана жогорку суроого жооп беришибиз мүмкүн? Бирок, миң жыл мурунку Энесай жазмаларын окуп түшүнө албай жаткан кыргыз баласы, эки миң жыл мурунку кыргыз жазмасын окуп, кантип түшүнөт? Түшүнбөсө – кантип туура чечмелейт? Туура чечмелей албаса – чындыкты кантип табат? Чындыкты таба албаса, анда кантип окумуштуу болот? Эмне кылыш керек? Чындыкты табыш үчүн ар бир сөздүн маанисин түпкү келип чыгыш тегине жана тилине байланыштуу чечмелөө зарыл.

Эгер, Теңирдин маанисин, заманбап түшүнүк менен чечмелей турган болсок, анда Адамдын "эр" ("эркек") жана "үр" ("ургаачы") деп айтылышына байланыштуу изилдөө туура болор эле. Ошондо анын замапбап сыры, өзүнүн жердеги көрүнүшү болгон Адам менен бириккен мааниси ачылат болчу.

Башкача айтканда байыркы ата-бабаларыбыздын Асманга сыйынган жоокер эл болгонун эске алып, Теңир: «Тең+Эр (алт: ар-ир)» деген эки сөздүн курамынан турат деп ойлосок болот? Анын биринчи бөлүгү ("тең") – "бирдей", "окшош" деген маанилерди билдирсе, экинчи "эр" деген сөзү кээ бир түрк тилдеринде "эркек адам", "жоокер адам", "баатыр адам" дегенди түшүндүргөн. Ошондо, кыскача анын мааниси: "Тең+Эр" (Тең+Ир)- "эгиз эрлер", "эки бирдей күчтөр", "тең күчтөр", "барабар күчтөр" дегенди билдирет. Демек, Теңир - "дух" маанисинде Үлкен менен Эрликти, "киши" маанисинде Эркек менен Аялды бириктирип аныктаган түшүнүккө туура келмек. Бирок, Теңирдин түпкү шумердик ("дингир") мааниси "кудай", "дух" дегенди түшүндүргөнүн эстен чыгарбообуз керек.

**"Теңир философемасынын таралуу ареалы"** деген төртүнчү бөлүмдө Теңирге салыштырмалуу, Үлкен менен Эрликтин ысымдарынын таралуу ареалынын «тардыгы», ал, алардын кийинки мезгилдерде келип чыкканын көрсөтөт. Тагырак айтканда, адегенде, Теңир жараткан "эки духтун" ысымдары болбогон окшойт? Эгер биз шумер булактарына кайрылсак, анда алгач Теңир (Дингир) теоними "жаратуучу кудай", "жаратуучу дух" деген маанилерди берет да, төрт башкы кудайлардын (Ан, Энки, Энлил жана Нингурсах) ысымдарына кошулуп жазылат. Ал эми түрк доорунда (Ү1к.) Теңир ысмы жалгыз Улуу Духтун өзүн билдирет. Борбор Азияда Карахандар дөөлөтү (Х к.) ислам динин расмий дин катары кабыл алгандан тарта Теңир ай-ааламды жараткан жана анын ээси – Алланын синоними катары колдонула баштайт. Ошондуктан аны изилдешкен окумуштуулар Теңиртаанымды ушул аспектиден талдоого алышып, негизинен ал динден да кеңири түшүнүккө ээ дүйнөтаанымы катары белгилешет. Теңир – Абсалюттук Дух экени боюнча, кийинки изилдөөлөрдө кайчы пикирлер жок, маселе анын этимологиясы тууралуу сөз болгондо, ар кимдин оюу ар кандай. Изилдөөчүлөрдүн көбү Орто Азияда ислам таасири менен унутулуп калган анын түпкү дуалисттик маңызын эске албай жатышат. Ошондуктан, биз Теңирдин этимологиясын анын дуалисттик маңызын эске алуу менен чечмелөөнү сунуш кылар элек. Анткени, биздин болжолубузда Теңирдин ысымдарында байыркы арий элдеринин жалпы аталышына ("арий" же "арат") байланышкан "компоненттер" жатат. Мында Эр – "Эр уулга", Үр – "Үр кызга" байланышкан сапатты, башкача айтканда, бул сөздөр антропологиялык мааниде - "Эр башатты" жана "Үр башатты", ал эми теологиялык мааниде бири-бирине карама-каршы жана бири-бирин толуктаган "эки духту" түшүндүрөт. Башкача айтканда, биз бул эки терминге эки улуу күчтү түшүндүргөн кытайдын "янь" жана "инь" сөздөрүнүн маанилерин окшоштурабыз.

Дагы бир айтып кете турган нерсе, духтардын "эркек", "ургачысы" болбойт. Алардын "жакшы" жана "жаманы" болот. Ошондуктан, биз кээде "эр дух", же "үр дух" деп сүйлөй турган болсок, анда бул сөздөр алардын "эркек", же "ургачы" сапатын эмес, алардын "жакшылык жасоочу" ("добрый дух") жана "жамандык кылуучу" ("злой дух") сапаттарын түшүнүүбүз керек. Же: отту – эр десек, сууну – үр деп айтабыз. Башкача айтканда: күн – эр, түн – үр, асман – эр, жер – үр, ысык - эр, муздак – үр, дух – эр, материя - үр ж.б.



Теңир дүйнө таанымынын чыгыш канаты – Даону, батыш канаты – Зороастризмди пайда кылган. Эки канатта тең Теңир дүйнө таанымынын "дуалисттик" мүнөзү жана элементтери салыштырмалуу жетишерлик сакталган.

Дао – Асманды кудайга айлантып, аны диний-философиялык окуу катары өнүктүргөн. А чынында, Асман - ал Теңирдин бир гана көрүнүшү.

Зороастризм – Теңирдин "күнгө" байланышкан маани-мазмунун өстүрүп, аны улуу дин катары калыптандырган. А чынында, Күн да, Теңирдин бир улуу касиетин билдирген көрүнүш.

Теңир философемасы өз ичине "Асманды" гана эмес, "Жерди" да кошо камтыйт. Кеңири маанисинде, Теңир "18 миң ааламдын" көрүнгөн жана көрүнбөгөн жактарын бириктирип, ичине батырган түшүнүк.

Үлкен менен Эрлик карама-каршы касиетке ээ улуу «кудайлар». Теңир дал ушул экөөнүн энергиясы менен ай-ааламды жаратат. Эгер, Дао дүйнөтаанымында бул эки улуу духтун иштерин "янь" жана "инь" [158] деп аталган эки күч ишке ашырса, зороастризмде бул процесс Ахура Мазда менен Ахура Манга (Ангро Маньо) таандык.

Алгач Күндүн, анан Асмандын, акырында Ай-Ааламдын кудайына айланган Теңир сыяктуу эле, бир убактарда бири – "жакшылыктын", экинчиси – "жамандыктын" духтары болгон Үлкен менен Эрлик, акырындап, Теңирди ээрчип, бири – Асман, экинчиси – Жер ээлерине (кудай эмес) айланып, Теңир менен бирге алар да узун эволюциялык жолду басып өтүшкөн.

Теңир ысмынын шумер жазууларынан да жолугушу Теңирдин өтө байыркы Улуу Кудай экенин тастыктайт. Ырас, Теңир "Дүйнөлүк дух" болсо, анда анын ысмын алып жүргөн Тоо да «Дүйнөлүк Тоо» экени талашсыз. Башкача айтканда, логика боюнча, Дүйнөлүк Тоо гана Дүйнөлүк Духтун ысмын алып жүрүүгө акылуу. Анткени, Дүйнөлүк Духтун ысмын жөн гана бир тоонун алып жүрүшү эч кандай логикага туура келбейт. Ырас, Борбор Азия аймагында жайланышкан Улуу Тоо системасы байыртан ушул күнгө чейин "Теңир-Тоо" аталып келатса, демек, бир мезгилдерде жергиликтүү калк аны Дүйнөлүк Тоо деп санап, ага Көкө Теңирдин турагы (тагы) катары мамиле кылышканы шексиз.

**Үчүнчү бап "Байыркы кыргыз дүйнө таанымынын этнологиялык аспектилери"** деп аталат. Биринчи бөлүм: Алтай-Саян элдеринин мифтеринде айтылган Үлкен кудайынын уулу - "Кыргыз хандын" жана "Кыргыз төс" деген кудайдын ысмы [122] жөнүндөгү маалымат менен башталат. Мына ушул фактынын өзү Кыргыз этнониминин этимологиясын дагы тактоо менен бирге анын мифологиялык, этнологиялык жана философиялык маңызын кошо талдоого алуу керек экенин шарттайт.

Бул баптын калган үч бөлүмү үч тотемге арналды. Тотемизм – дүйнөтаанымдын алгачкы диний формаларынын бири. Ал Теңир философемасындагы Адам менен Табияттын ортосундагы байланышты аныктаган бир байыркы көрүнүш. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда, тотемдик ишеним уруулук коомдо пайда болгон. Байыркы Кыргыз урууларынын көбү бүгүнкү күнгө чейин өздөрүнүн түпкү тотемдик

аталыштарын жоготкон эмес. Тотемдик аталыштар биринчиден, кыргыз урууларынын байыркылыгын билдирсе, экинчи жагынан кыргыздардын түпкү ишенимдерге болгон туруктуулугун билдирет. Ошондой эле, бул фактор узак убакыт ичинде "канга синип", калыптанган мүнөзгө ээ болгон маалыматты билдириши да мүмкүн.

Кыргыздын үч канатына тиешелүү байыркы уруулар үч улуу тотемди жоготпой алып келатышат. Бул үч тотем (бугу, инек, бөрү) үч канаттын коомдогу ордун, даражаларын, алардын алып жүргөн касиеттерин жана эң башкысы түпкү теги ким экенинен кабар берет. Бул улуу тотемдер арий урууларына да тиешелүү болгон, бул тотемдерге сак-скиф-сармат уруулары да сыйынышкан. Бул үч улуу тотемдерди Кыргыздын үч канаты бүгүнкү күнгө чейин сактап келди.

Санжырада Кыргыз атанын (кээ бирде "Долон бий" делет): Тагай бий, Көлөй бий жана Көгөй бий деген үч уулу болгону айтылат. Алардын түстүк аттары: Ак уул (Тагай бий – Оң канат), Көк уул (Көлөй бий-Сол канат) жана Кызыл уул (Көгөй бий-Ичкилик). Ушул үч уулдан үч канат Кыргыз эли тарайт. Анда бул үч уулдун түстөрү жана тотемдери эмнени билдирет, ошого токтололу.

Экинчи бөлүм: **"Ак уул жана Бугу тотеми"** деп аталат. Ак уулдун Жогорку дүйнөгө таандык тотеми – "ак шумкар", төмөнкү дүйнөгө таандык тотеми– "ак жылаан", ал эми ортонку дүйнөгө таандык тотеми – "бугу" (багыш), жоокердик тотеми - арыстан экендиги чечмеленип берилген. Ак уулдун тотемдери - баары Тоо стихиясы менен, руханий байлык менен байланышкан. Ошондуктан Ак уулдун урпактарына дин бийлиги, каада-салтты сактоо, идеологиялык иштерди жүргүзүү милдети тагылуу менен бирге илимий-чыгармачылык ишти алып жүрүүчү жана улантуучу касиет тартууланган.

Этникалык тарыхта: Ак түс – Ак уулдун түсү. "Ак" деген сөз кудайдын да бир аты. Ак түс - ар түрдүү маданияттарда жана тилдерде ар кандай мааниге жана символго ээ.

Улуттук кийимдерде да ак түс да өзгөчө орунду ээлейт. Мисалы, аялдардын салттуу кийимдери кээде гүлдөп-өнүгүүнү жана тынчтыкты билдирген ак элементтер менен коздолот. Мындан тышкары, ак түс Оң канат аскерлери алып жүргөн туулардын түстөрүн, же эркектер кийип жүргөн ак калпактарды, аялдар салынган ак жоолуктарды белгилейт.

Күнүмдүк турмушта ак түс - боз үйдүн түсү, анын ички жасалгаларында кездешет, мында шып менен дубалды жабуу үчүн ак зыгыр кездеме пайдаланылып, адамдарга сергектик жана жеңилдик тартуулайт.

Асман мейкиндигинде ак түс - эртен менен чыгып келаткан күндүн түсү. Ал – жарыктын, ак шооланын, ак булуттун, ак жаандын түсү.

Диний жана руханий контексттерде ак гармонияны, бейпилдикти жана жагымдуу жагдайларды, кубанычты, шаттыктын символу. Салттуу ырым-жырымдарда үйлөнүү үлпөтүн, майрамдардын шаңын, колуктунун жоолугун, күмүш сыргаларын жана билериктерин, ал эми күмүш жүгөн, күмүш ээрлер адамдын даражасын, тегин билдирген.



Жер аталыштарындагы ак түс – кар же ак булут каптаган тоонун чокусун, анын аталышын (Ак-Тоо же Кебез-Тоо, Ак-Байтал ашуусу ж.б.) билдирет. Ак-Суу, Ак-Булак, Ак-Башат, Ак-жар, Ак-Таш, Ак-Буура ж.б.

Жер аттары көбүнчө аймактын табигый жана маданий өзгөчөлүктөрүн чагылдырат, ал эми жер-суу, кум же пейзаждын өзгөчөлүгү сыяктуу визуалдык аспектилерди белгилей алат.

Адамдын көрүнүшүндө жана мүнөзүндө: Ак түс – көздүн агы, ак саамай, ак ниет, ак көңүл, ак тилек, тазалык, ак дил, ак жолтой, жаш курагына карап - "ак сакал" адам ж.б.

"Манас" эпосундагы аталыштар: Ак кула, ак олпок, ак келте, ак өргөө, ак болот, ак тинте, ак албарс, ак шумкар, ак буура, ак канкы, ак инген, ак кисе, акка моюн сунуу ж.б.

Ак уулдун тотеми бугу жөнүндө:

Күн-бугу тууралуу индоевропа, Кавказ, Урал-Алтай жана Түндүк Америкада жашашкан индей элдеринин мифтеринде кеңири маалымат айтылат. Ханты-мансы элдеринин мифтеринде күн кудайы канаттуу бугу минип алып, асман менен чыгыштан батышка өтөт [175].

Археологиялык материалдар сак-скиф элдеринде бугу күндүн символу болгонун баяндайт. Жапандардын синто хырамдарында бугу кудайлардын жерге жиберген өкүлү катары баяндалат [78]. Көп элдердин мифтеринде бугу (багыш) адамдын сөзүн түшүнгөн жана кез-кезде адам кейпине келген жаныбар катары каралат.

Кыргыз санжыраларында "Бугу эне" же "Мүйүздүү эне" тууралуу айтылган уламыш кеңири белгилүү. Ал уламышта адам кейпине келген башында мүйүзү бар касиеттүү эне тууралуу сөз болот [104].

Лапландардын арасында Ак бугу тууралуу уламышта ал башында кыз экени айтылат. Нганасандардын ишениминде жердин ээси бугу кейпиндеги кудай [78]. Тунгус-манжур элдеринин айтымдарында башкы кудай Буга мусун жапайы бугу кейпинде элестетилет. Ал эми кет элдеринде бугу кубула турган касиети бар башкы кудай Естин кызы.

Кытай пантеонундагы көп кудайлар ар кандай түстөгү жана тукумдагы бугу кейпинде кабыл алынган. Мисалы, Лун падышаларынын башында бугунун мүйүзү болгон [175].

Жергиликтүү эл каршылык көрсөтүп, баскынчы келгиндер аларды катуу кыргынга алган учурлар көп болгон. Келгин элдер ар дайым жергиликтүү элдердин же аралашуудан улам пайда болгон жаңы элдердин дүйнөтаанымынын өзгөрүшүнө жана калыптанышына чоң таасирин тийгизген. Уламыш-мифтердеги кээ бир каармандар үчүн бугу ыйык жаныбардын ролунда ойносо, башка уруунун адамдары катардагы жаныбарлардын бири катары бугуга ыйык мамиле жасашкан эмес. Кандай болгон учурда да, кыргыздар үчүн бугу (багыш) кыргыз дүйнөтаанымын калыптандырууда туруктуу элементтердин бири болгон. Андан улам төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз:

1. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында ("Манас", "Семетей", "Жоодарбешим" ж.б.) бугу (ак бугу) тууралуу айтылат. Бугунун пайда болушу,

баланы эмизиши, бугунун адамга айланышы бул тотемдин өтө байыркы ишенимдин обьектиси болгонунан кабар берет;

2. Кыргыз ичиндеги "бугу", "багыш", "сарбагыш", "солто" (монг: "цолто"-бугу), "Сайак" (арий: "саг" - бугу), катаган (монг: "бугу-катаган") уруу аталыштарынын жана "Бугубай", "Багыш", "Булан" деген ысымдардын болушу – баары бугу менен байланышкан байыркы тотемдик ишенимдердин элементтери. Бугу адамдарга балалуу болууга жана аялдардын аман-эсен көз жарып алышына да жардамы тиет;

3. байыркы кыргыздарга ыйык тотем катары бугунун этин жегенге тыйуу салынганы шексиз. Бугунун мүйүздөрүн үйдүн кире беришине кадап, кагып койуу – анын колдоосуна, сактоосуна ээ болуу дегенди билдирген. Бул байыркы мезгилдердеги фетиштик культка таандык ритуалдар;

4. Килемдердеги жана шырдактардагы бугунун сүрөттөрү жана бугунун мүйүздөрүн элестеткен ойумдар, баары бугу тотеминин элестерин чагылдырат;

5. түрк-монгол элдеринин көбүндө бугу тотемине сыйынуу элементтери сакталган. Бугу кээ бири уруулар үчүн алардын түпкү бабасы же энеси (бугу уруусу) болуп эсептелет. Бугу, теги асман менен байланышкан жаныбар, түп эне же түп ата, күндү карангы ордон алып чыгуучу, ай, күн жана от менен байланышкан касиеттүү, ыйык жаныбар.

**"Көк уул жана Уй тотеми"** аттуу үчүнчү бөлүмдө Көк уулдун (Куу уул) Жогорку дүйнөгө таандык тотеми – куу, төмөнкү дүйнөгө таандык тотеми– ажыдаар, ал эми ортонку дүйнөгө таандык тотеми – бука (уй-инек), жоокердик тотеми – кабылан экени айтылат. Сол Канаттын туусунун түсү – көк. Негизинен материалдык байлык Көк уулдун урпактарына таандык. Анткени, анын касиети суу стихиясы менен байланышкан, тотеми көк бука же уй. Көк уулдун урпактары алып жүргөн Көк түс эмнени билдирет:

Жер-суу аталыштарында: Көк түс -Теңир-Тоонун ак кар, көк муз каптаган чокулары. Көк түс – "карага" өтүп да айтыла берет: Кара тоо, кара суу, кара булут.

Адамдын көрүнүшүндө жана мүнөзүндө: Көк түс – көздүн көгү, көк жалдык мүнөз, беттегенин бербеген өжөр (көк адам). "Эр болсоң көк бол, сөзүңө бек бол". Ант: "Көк кирип, кызыл чыксын". Жаш курагы боюнча "көк сакал" адам.

Кийим-кечекте: Көк түс – көк калпак (кайруусу көк баркыт менен капталган калпак, экинчи айтылышы - кара калпак), көк туулга, көк рапыс тон.

Жан-жаныбарларда: Көк түс - Көк бука; мифтик көк бука жер шарын мүйүзүнө көтөрүп турат. Көк бөрү – Түрк каганатын негиздеген уруунун тотеми. Көк тулпар, көк шумкар, көк ит, көк кептер же көгүчкөн. Көктүн кара түскө өтүп айтылышы: кара дөө, кара буура, кара чаар жылаан, кара чаар кабылан ж.б.

Тамак-ашта: Көк түс - Көк чөп, кара аш, кара өрүк,

Миф-жомоктордо: Көк түс - Көк дөө.

Мамлекеттик түзүлүштө: Көк түс - Көк ордо, көк чатыр.

Тотем: Көк бука. Негизи Сол Канат урууларынын тотемдери суу стихиясы менен байланышкан жаныбарлар.



Кытай тарыхчылары кыргыздарды түрк тегине жаткан элдерден бөлүп: "Ак жуумал, сары чач, көк көз Кыргыз ("гяньгун") эли келип чыгышы боюнча "бөрү" тегине жатпайт. Кыргыздар Кудай менен тоодогу үңкүрдө жашаган уйдун катышынан келип чыккан" [132] деп жазышкан. Ал эмне деген кудай экенин Алтай-Сайан аймагында жашашкан элдердин мифтеринен билебиз. Алардын ишеними боюнча Көкө Теңирден кийинки улуу дух "Үлкөн[1] кудайынын тогуз уулунун бири–адамдардан салтты, наркты сактоону жана эл башчыларынан адилеттүү башкарууну талап кылган "каардуу" Кыргыз хан экендиги айтылат. Асман кудайы - Үлкендин "тогуз уулунун"[2] ичинен ал бүткүл адамзаттын үстүнөн сот бийлигин жүргүзүү укугуна ээ болгон" [71].

Бир жомокто бука: "мени хандын кызына үйлөндүр" деп айтат. Биринчи күн жатарда бука терисин чечип, келишкен сымбаттуу жигитке айланат. Бирок, жигит уктаганда кыз туруп, эртен дагы букага айланбасын деп, терини өрттөп салат. Жигит туруп, кыз терисин өрттөп салганын көрөт да, кууга айланып, асманга учуп кетет. Бул жерден да, биз суу стихиясы менен байланышкан ортонку дүйнөнүн жаныбары – "бука", суу стихиясы менен байланышкан Жогорку дүйнөнүн жаныбары "кууга" айланып кеткенин көрүп атабыз.

Евразия аймагындагы Афанасьев, Самар, Абашев жана Андронов маданияттарына (б.з.ч. III – II миң жылдар мурун) таандык дөбөлөрдөн букалардын сөөктөрү табылган. Ушул аймакта жашашкан элдердин арасында түрк уруулары байыртан эле башчылык катмарда болушканы белгилүү. Ошол үчүн алардын мифтеринде баатырлар дайым букаларды жеңишет.

Ошентип жыйынтыктап айтканда: Жомоктордо, уламыштарда жана ишенимдерде зооантропоморфтук букалар же уйлар адамдарды жана бадаларды коргоочу, жол баштоочу, адамдарга байлык, бакыт тартуулоочу дух, пирлер ролунда көрүнөт.

Мифте бука же уй байлыктын жана жыргал жашоонун символу катары чагылдырылат; бул тотем суу стихиясы менен байланышат: алар суудан чыгышат, же туяктары менен жерди казып, суу чыгарышат, сууларды буруп, каналдарды казышат. Жогорку фактылар балыктын жонунда туруп, жерди көтөрүп турган алп буканы эске салат, же Жерди жаратуу үчүн кудай ылайды океандын түбүнөн буканын терисине ороп, суунун үстүнө көтөрүп, алып чыгат. Бул мифтердин башаты – "баары суудан келип чыккан" деген философиялык ойду айткан байыркы Египет, Месопатамия, Иран, Индия жана Греция мифтеринде жатат;

Элдик оозеки чыгармаларда буканын образы жиндерди коргоочу күч катары да баяндалат. Баатырлар букалар менен кармашат (Урал баатыр, Карача баатыр ж.б.). Бул сюжеттин байыркы үлгүлөрүн (б.з.ч. 3 миң жылдар мурун) шумер-аккад эпосторунан көрөбүз. Буканын мындай эки образда чагылышы –

[1] Алабияттарда "**Ульген**" деп айтылат. Анын маанисин көпчүлүк изилдөөчүлөр, анын ичинде М. Ажы да "өлгөн" деген сөз менен байланыштырат. В. Я Бутанаев анын маанисин "**чоў**", "**улуу**" дегенди билдирет дейт. Менин жеке пикиримде да В.Я. Бутанаевдин пикири туура. Бул сөз казак тилинде жогоруда биз бергендей "**Үлкөн**" формасында сакталган.
[2] Кээ бир варианттарда "алты", "сегиз" уулу бар деп айтылат.

байыркы букага сыйынган жана ага баш ийгиси келбей, каршы чыккан элдер менен болгон кагылышуулардын чагылдырылышы деп ойлоого болот;

Алгачкы элдердин мифтеринде бука адамга гана эмес, кудайга айланганын же кудайлар өздөрү бука кейпинде болушканын окуп билебиз. Эгер бугу же багыш көп учурда "бакшы адам" (жрец) образында берилсе, Бука баатырлар менен кармашкан "Кара күч" же улуу кудайлардын "тотеми" катары берилет. Биз букага байланышкан мифтерден жана "Огуз наме" эпосунда чагылдырылган Угуз кагандын образынан улам бука тотемине сыйынган байыркы уруу – "башчы эл" болгонун билебиз;

Төртүнчү бөлүм: **"Кызыл уул жана Бөрү тотеми.** Кызыл уулдун Жогорку дүйнөгө таандык тотеми – бүркүт, төмөнкү дүйнөгө таандык тотеми–сары жылаан, ал эми ортонку дүйнөгө таандык тотеми – бөрү, жоокердик тотеми – жолборс тууралуу изилдөөгө арналган. Негизи түпкү арат (сак-сармат-скиф) санжыралары боюнча, башкы бийлик (хандык бийлик) үч бир тууғандын ичинен Кызыл уулга таандык. Кызыл уулдун стихиясы от (күн). Байыркы арат бабаларыбыздан тартып бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз салты кичүү уулду "үйдүн ээси" ("ата журттун ээси") катары эсептейт. Улуу уулдардын баары үйлөнүп-жайлангандан кийин ата үйүнөн бөлүнүп сыртка чыгып, өз алдынча түтүн булатып кетишет. Бир гана кичүү уул үйлөнүп жайлангандан кийин да ата үйүндө кала берет. Бул салт арат коомунда башкаруу системасына да салынган. Ошол үчүн миф-уламыштарда улуу уул мураскор экенине карабай, көп учурда кичүү уул ата бийлигин да мурастап калат. Кызыл уулдун урпактары алып жүргөн Кызыл түс эмнени билдирет:

Ар түрдүү элдердин этникалык тарыхында кызыл түс ар кандай мааниге ээ болушу мүмкүн. Бул жерде кээ бир жалпы чечмелөөлөр болуп саналат: Кызыл түс көп учурда кан менен байланышкан, бул жашоонун, күчтүн жана күрөштүн символу. Бул тарыхый конфликттерди же курмандыктарды көрсөтүшү мүмкүн.

Майрам жана кубанычтын символу. Кээ бир маданияттарда кызыл түс майрамдын, бакыттын жана ийгиликтин символу болуп саналат. Мисалы, кытай маданиятында кызыл түс, адатта, кубаныч жана гүлдөп-өнүгүү менен байланышкан.

Кумарлануу жана сүйүү: кызыл түс – жаштыктын түсү жана ошондой эле кумарлануу, сүйүү жана сезимдерди билдирет. Бул салттуу майрамдарда же ырым-жырымдарда көрүнүшү мүмкүн.

Асман көрүнүшүндө: Асмандагы кызыл түстү ар кандай жаратылыш кубулуштары менен байланыштырса болот. Бул жерде алардын айрымдары [149]: Күндүн батышы жана чыгышы: Күн батып, күн чыгып жатканда жарык атмосфера аркылуу бурч менен өтүп, кыска толкун узундуктагы (көк жана жашыл) түс спектринин чачыранды болушуна алып келет. Бул кызыл жана кызгылт сары түстөрдү калтырат.

Күн горизонттун үстүндө болгондо, анын жарыгы да кызыл же кызгылт сары болуп көрүнүшү мүмкүн.

Аба ырайынын шарттары: Түтүн, туман же абанын булганышы асмандагы кызыл түстөрдү көбөйтөт, өзгөчө күн батып жатканда.

Жарык кубулуштары: Кээде асмандагы кызыл түс сейрек кездешүүчү атмосфералык кубулуштардан, мисалы, авроралардан келип чыгышы мүмкүн.

Сигнал системасы: Кээ бир учурларда, кызыл түс ар кандай эскертүү же табигый кырсыктар жөнүндө эскертүү системалары менен коштолушу мүмкүн.

Диний түшүнүктөрдө кызыл түс салтка жана маданиятка жараша ар кандай мааниге ээ болушу мүмкүн. Бул жерде алардын айрымдары:

Христиан салтында кызыл түс көбүнчө Машаяктын каны жана шейит болуу менен байланышкан. Ал шейиттерге арналган күндөрдө, ошондой эле Элүүнчү күн майрамында литургияда колдонулат. Буддизмде кызыл түс жигердүүлүктү, энергияны жана кумарланууну билдирет. Ал ошондой эле коргоону жана жыргалчылыкты көрсөтө алат. Иудаизмде кызыл түс курмандык жана рухий тазалоо күчү менен байланыштуу. Ислам маданиятында кызыл түс кээде жандуулук жана курмандык менен байланышкан, бирок анын мааниси маданиятка жана аймакка жараша өзгөрүшү мүмкүн.

Жер-суу аталыштарында кызыл түс бир катар ар кандай элементтер менен байланыштырылышы мүмкүн. Мисалы, жер аталышы катары Кызыл-Жар (Красноярский), же Аризонадагы Кызыл Аскалар, кызыл токойлор, клен же бук дарактарынын айрым түрлөрү сыяктуу кызыл дарактын белгилүү бир түрү үстөмдүк кылган токойлорду белгилөө. Кызыл деңиз - Африка менен Араб жарым аралынын ортосундагы белгилүү деңиз.

Адам көрүнүшүндө жана мүнөзүндө: Кызыл түс – көздүн кызылы (кареги), "Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң". "Көк кирип, кызыл чыксын" деп антташкан ата-бабаларыбыз. Жаш курагы боюнча "кара сакал" ("жерде сакал") адам.

Кийим-кечекте кызыл түс коздукту, сулуулукту билдирет. Бул түс сизди башкалардан айырмаланып, көңүл бура алат.

Кызыл көйнөк - кечки эс алуу үчүн классикалык вариант. Ал ар дайым стилдүү жана жагымдуу көрүнөт. Аксессуарлар – Кызыл сумка, бут кийим же зер буюмдары сиздин көрүнүшүңүздү коздоп, көңүлдү көтөрөт.

Тамак-ашта тамактануу кызыл түс, адатта, пайдалуу касиеттери ар кандай болушу мүмкүн кээ бир тамак-аш менен байланышкан. Алсак, кызылча - фолий кислотасынын жана башка маанилүү элементтердин булагы. Кызылча да кан айланууну жакшыртууга жана кан басымын төмөндөтүүгө жардам берет.

Тамактануудагы кызыл түс, ошондой эле көптөгөн жаңы жана табигый азыктарды камтыган дени сак жана ар түрдүү диетаны символдоштурат. Бул көңүлдү бурат жана табитти жакшыртууга жардам берет.

Мифтерде жана жомоктордо кызыл түс көбүнчө көптөгөн символикалык мааниге ээ. Бул жерде алардын бир нечесин белгилей кетелик. Жашоонун жана күчтүн символу: кызыл түс көбүнчө жандуулук, жигердүүлүк жана төрөт менен байланыштуу. Көптөгөн маданияттарда кызыл түс үйлөнүү үлпөттөрү сыяктуу жаңы жашоонун башталышы менен байланышкан ырым-жырымдарда колдонулат.

Бөрү тотеми:

Кызыл уулдун тарыхы бөрү тотемин туткан уруулар менен байланышкан, ошондуктан анын түпкү теги ушул жаныбарга байланыштуу чечмеленет.

байыркы букага сыйынган жана ага баш ийгиси келбей, каршы чыккан элдер менен болгон кагылышуулардын чагылдырылышы деп ойлоого болот;

Алгачкы элдердин мифтеринде бука адамга гана эмес, кудайга айланганын же кудайлар өздөрү бука кейпинде болушканын окуп билебиз. Эгер бугу же багыш көп учурда "бакшы адам" (жрец) образында берилсе, Бука баатырлар менен кармашкан "Кара күч" же улуу кудайлардын "тотеми" катары берилет. Биз букага байланышкан мифтерден жана "Огуз наме" эпосунда чагылдырылган Угуз кагандын образынан улам бука тотемине сыйынган байыркы уруу – "башчы эл" болгонун билебиз;

Төртүнчү бөлүм: **"Кызыл уул жана Бөрү тотеми.** Кызыл уулдун Жогорку дүйнөгө таандык тотеми – бүркүт, төмөнкү дүйнөгө таандык тотеми– сары жылаан, ал эми ортонку дүйнөгө таандык тотеми – бөрү, жоокердик тотеми – жолборс тууралуу изилдөөгө арналган. Негизи түпкү арат (сак-сармат-скиф) санжыралары боюнча, башкы бийлик (хандык бийлик) үч бир туугандын ичинен Кызыл уулга таандык. Кызыл уулдун стихиясы от (күн). Байыркы арат бабаларыбыздан тартып бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз салты кичүү уулду "үйдүн ээси" ("ата журттун ээси") катары эсептейт. Улуу уулдардын баары үйлөнүп-жайлангандан кийин ата үйүнөн бөлүнүп сыртка чыгып, өз алдынча түтүн булатып кетишет. Бир гана кичүү уул үйлөнүп жайлангандан кийин да ата үйүндө кала берет. Бул салт арат коомунда башкаруу системасына да салынган. Ошол үчүн миф-уламыштарда улуу уул мураскор экенине карабай, көп учурда кичүү уул ата бийлигин да мурастап калат. Кызыл уулдун урпактары алып жүргөн Кызыл түс эмнени билдирет:

Ар түрдүү элдердин этникалык тарыхында кызыл түс ар кандай мааниге ээ болушу мүмкүн. Бул жерде кээ бир жалпы чечмелөөлөр болуп саналат: Кызыл түс көп учурда кан менен байланышкан, бул жашоонун, күчтүн жана күрөштүн символу. Бул тарыхый конфликттерди же курмандыктарды көрсөтүшү мүмкүн.

Майрам жана кубанычтын символу. Кээ бир маданияттарда кызыл түс майрамдын, бакыттын жана ийгиликтин символу болуп саналат. Мисалы, кытай маданиятында кызыл түс, адатта, кубаныч жана гүлдөп-өнүгүү менен байланышкан.

Кумарлануу жана сүйүү: кызыл түс – жаштыктын түсү жана ошондой эле кумарлануу, сүйүү жана сезимдерди билдирет. Бул салттуу майрамдарда же ырым-жырымдарда көрүнүшү мүмкүн.

Асман көрүнүшүндө: Асмандагы кызыл түстү ар кандай жаратылыш кубулуштары менен байланыштырса болот. Бул жерде алардын айрымдары [149]: Күндүн батышы жана чыгышы: Күн батып, күн чыгып жатканда жарык атмосфера аркылуу бурч менен өтүп, кыска толкун узундуктагы (көк жана жашыл) түс спектринин чачыранды болушуна алып келет. Бул кызыл жана кызгылт сары түстөрдү калтырат.

Күн горизонттун үстүндө болгондо, анын жарыгы да кызыл же кызгылт сары болуп көрүнүшү мүмкүн.

Аба ырайынын шарттары: Түтүн, туман же абанын булганышы асмандагы кызыл түстөрдү көбөйтөт, өзгөчө күн батып жатканда.



Жарык кубулуштары: Кээде асмандагы кызыл түс сейрек кездешүүчү атмосфералык кубулуштардан, мисалы, авроралардан келип чыгышы мүмкүн.

Сигнал системасы: Кээ бир учурларда, кызыл түс ар кандай эскертүү же табигый кырсыктар жөнүндө эскертүү системалары менен коштолушу мүмкүн.

Диний түшүнүктөрдө кызыл түс салтка жана маданиятка жараша ар кандай мааниге ээ болушу мүмкүн. Бул жерде алардын айрымдары:

Христиан салтында кызыл түс көбүнчө Машаяктын каны жана шейит болуу менен байланышкан. Ал шейиттерге арналган күндөрдө, ошондой эле Элүүнчү күн майрамында литургияда колдонулат. Буддизмде кызыл түс жигердүүлүктү, энергияны жана кумарланууну билдирет. Ал ошондой эле коргоону жана жыргалчылыкты көрсөтө алат. Иудаизмде кызыл түс курмандык жана рухий тазалоо күчү менен байланыштуу. Ислам маданиятында кызыл түс кээде жандуулук жана курмандык менен байланышкан, бирок анын мааниси маданиятка жана аймакка жараша өзгөрүшү мүмкүн.

Жер-суу аталыштарында кызыл түс бир катар ар кандай элементтер менен байланыштырылышы мүмкүн. Мисалы, жер аталышы катары Кызыл-Жар (Красноярский), же Аризонадагы Кызыл Аскалар, кызыл токойлор, клен же бук дарактарынын айрым түрлөрү сыяктуу кызыл дарактын белгилүү бир түрү үстөмдүк кылган токойлорду белгилөө. Кызыл деңиз - Африка менен Араб жарым аралынын ортосундагы белгилүү деңиз.

Адам көрүнүшүндө жана мүнөзүндө: Кызыл түс – көздүн кызылы (карегн), "Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң". "Көк кирип, кызыл чыксын" деп антташкан ата-бабаларыбыз. Жаш курагы боюнча "кара сакал" ("жерде сакал") адам.

Кийим-кечекте кызыл түс кооздукту, сулуулукту билдирет. Бул түс сизди башкалардан айырмаланып, көңүл бура алат.

Кызыл көйнөк - кечки эс алуу үчүн классикалык вариант. Ал ар дайым стилдүү жана жагымдуу көрүнөт. Аксессуарлар – Кызыл сумка, бут кийим же зер буюмдары сиздин көрүнүшүңүздү кооздоп, көңүлдү көтөрөт.

Тамак-ашта тамактануу кызыл түс, адатта, пайдалуу касиеттери ар кандай болушу мүмкүн кээ бир тамак-аш менен байланышкан. Алсак, кызылча - фолий кислотасынын жана башка маанилүү элементтердин булагы. Кызылча да кан айланууну жакшыртууга жана кан басымын төмөндөтүүгө жардам берет.

Тамактануудагы кызыл түс, ошондой эле көптөгөн жаңы жана табигый азыктарды камтыган дени сак жана ар түрдүү диетаны символдоштурат. Бул көңүлдү бурат жана табитти жакшыртууга жардам берет.

Мифтерде жана жомоктордо кызыл түс көбүнчө көптөгөн символикалык мааниге ээ. Бул жерде алардын бир нечесин белгилей кетелик. Жашоонун жана күчтүн символу: кызыл түс көбүнчө жандуулук, жигердүүлүк жана төрөт менен байланыштуу. Көптөгөн маданияттарда кызыл түс үйлөнүү үлпөттөрү сыяктуу жаңы жашоонун башталышы менен байланышкан ырым-жырымдарда колдонулат.

Бөрү тотеми:

Кызыл уулдун тарыхы бөрү тотемин туткан уруулар менен байланышкан, ошондуктан анын түпкү теги ушул жаныбарга байланыштуу чечмеленет.

Кыргыз оозеки чыгармаларында байыркы бабалардын карышкыр менен болгон туугандыгы жана тектештиги жана алардын бири-бирине айланып турушу тууралу ишенимдер бүгүнгө чейин айтылып келатат. Бөрү – түпкү ата, түпкү эне, жол баштоочу, колдоочу жана коргоочу экени тууралу этногенетикалык уламыштарда кенири баяндалат. Бөрүгө сыйынуу салттарынын элементтери адам аттарында жана уруу аталыштарында да сакталган.

Элдик оозеки чыгармаларда карышкыр терс каарман катары да кызматты аткарат. Ал жомоктордо жана уламыштарда балдарды ала качып кетет, баатырлардын өлүмүнө себепкер болот ж.б. Бул бөрүгө сыйынган жана ага сыйынбаган элдердин ортосундагы кагылыштарды жана ошол мезгилдеги элдердин ишенимдер жана дүйнөтаанымдарын чагылдырган сюжеттер болуп саналат. Дүйнөтаанымдын өзгөрүшү менен бир мезгилде колдоочу жана коргоочу миссияны аткарган карышкыр кийин кырсык алып келүүчү терс образдарга айланган.

**Төртүнчү бап. “Байыркы кыргыз дүйнө таанымынын антропологиялык маселелери”** деп аталат. Бул бөлүмдө дүйнөтаанымдын философиялык негиздеринин бири болгон “Биринчи Адам”, “Түп Ата” тууралу ишенимдер, башкача айтканда, алгачкы Адамдын жаралышы, Биринчи Адамдын ким экендиги, кандай жаралганы жөнүндөгү арий жана семит мифтери талдоого алынат.

Дүйнөнү таанып билүүдө Ааламга–“макрокосмос”, Адамга–микрокосмос” катары мамиле кылуу принциби кабыл алынган. Бул тууралу дээрлик улуу ойчулдардын баары негизинен бирдей пикирде. Улуу окумуштуулар белгилешкендей: Антропологиялык жол – Ааламды таанып билүүнүн жападан жалгыз жолу. Дал ушул жолдо гана Адамга Кудайдын купуя сырлары ачылат. Улуу ойчулдардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири, XX кылымдын биринчи жарымында жашаган улуу орус философу Н. Бердяев минтип жазат: “Адам – кичине аалам, Ал микрокосмос катары таанып билүүдөгү башкы чындык жана таанып билүү мүмкүнчүлүгүнүн чыныгы өзү”. “Адам менен Космос бирдей күч-кубатка ээ. Таанып билүү процесси – дөө менен эргежээл эмес, кубаттуулугу бирдей, тең эки улуу күчтүн таймашуусу экенин аныктап турат”. Тагырак айтканда: “Дүйнөнүн борбору катары ааламдын купуя сырларын ичине каткан жана дүйнөнүн бардык нерсесинен жогору турган адамдын өзүн өзү таанып билүүсү, ансыз ой жүгүртүүгө мүмкүн эмес, бардык ой жүгүртүүлөрдүн башаты болуп саналат”. Улуу ойчулдун оюн улап, биз да Теңирдин маанисин, жогоруда Адамдын “эр” жана “үр” деп айтылышына байланыштуу изилдөө керек деп айтканыбыздын жөнү да ошол. Ошондо анын чыныгы сыры, өзүнүн жердеги көрүнүшү болгон Адам менен бириккен мааниси ачылат. Биз, байыркы ата-бабаларыбыздын Улуу Духтун бир көрүнүшү катары Асманды ыйык туткан Эл болгонун эске алып, келечекте Теңирдин = “Тең+Эр” деген эки сөздүн курамынан турган маанисин кенейтип изилдөөгө алсак туура болор эле деп ойлойбуз. Ал тууралуу жогоруда да айттык. Демек, Теңир “эки улуу духтун” маанилерин камтыган “Эр-Үр” приниципи катары изилдениши керек.



Адегенде арий элдеринин ришилерине (кырг: “ырчыларына”) аян аркылуу берилген бул улуу ачылышты кийин семит элдеринин пайгамбарлары өздөрүнүн ыйык китептерине: “Кудай Адамды өзүнө окшотуп жасаган” деп жазышкан сыяктанат? Кудай бирөө, бирок анын ар кайсы элдерге берилген ысымдары ар башка. Мисалы, араптарга кудайдын “Алла” деген ысмы түшүрүлсө, “байыркы түрк-монгол элдерине” анын “Теңир” деген ысмы берилген. Элдерге берилген ал ысымдар, аларды Улуу Дух менен байланыштыра турган “код” болуп саналат. Башкача айтканда, биз – түрк-монгол элдери, Улуу Духтун “Теңир” деген ысмын айтып, дуба кылган учурда гана аны менен түз байланышка чыга алабыз. Ошондуктан биз Анын бизге берилген ысмын эч качан жоготпошубуз керек. Анткени, Теңирдин ысмын жоготуу менен биз, Аны менен болгон байланышты жана Анын бизге берген ыйык касиеттерин кошо жоготобуз.

**“Угуз хан – Тенир дүйнөтаанымынын реформатору”** аттуу бөлүмдө Теңиртааным дин эмес, ал динден кеңири мааниге ээ дүйнөтааным, синкреттешкен деисттик окуу экени айтылат. Теңир дүйнөтаанымынын реформаторлору ишенимдин салттуу элементтерин заманбап контекстке ыңгайлаштырууга жана интеграциялоого, мында тамырларды жана тарыхый баалуулуктарды сактоого умтулушат. Төмөндө Теңиртаанымды реформалоонун бир бөлүгү катары көп талкууланган айрым көз караштарды карайлык:

Көптөгөн реформаторлор Теңир дүйнөтаанымын заманбап философиялык жана этикалык концепциялар менен, анын ичинде жаратылышты коргоонун маанилүүлүгүн баса белгилеген экологиялык кыймылдар менен айкалыштырууга аракет кылышат.

Теңир дүйнөтаанымынын реформасы өзгөчө түрк жана монгол тектүү өлкөлөрдө улуттук өзгөчөлүк маселелери менен да байланыштуу. Теңир дүйнөтаанымынын каада-салттарынын кайра жанданышы адамдарга алардын маданий өзгөчөлүгүн түшүнүүгө жардам берет.

Билим берүү жана агартуу тармагында Теңир дүйнөтаанымынын реформаторлору жаштарды тартуу үчүн, анын принциптери жана баалуулуктары жөнүндө калкка көбүрөк маалымат берүүгө басым жасап келишет.

Башка диндер менен диалог катарында кээ бир реформаторлор жалпы баалуулуктарды табуу жана тирешүүнү токтотуу үчүн теңирчилик менен башка диндердин ортосунда диалог түзүүгө умтулушат.

Улуу кагандын ысмынын бир мааниси “буканы” билдирери тууралуу Бернштам [47] баш болуп, көп окумуштуулар жазышкан. Бирок, көпчүлүк көңүлгө албай келаткан, анын дагы бир мааниси бар. Ал тууралу, бир макаласында атактуу жазуучу агабыз Т.Сыдыкбеков айткан. Анын жазганы боюнча, Угуз ысмы кыргыздарда “Ууз” деп айтылган. Башкача айтканда, Угузханды кыргыздар “Ууз хан” дешкен. Кыргыз тилинде: “ууз сүт” – “биринчи сүт”. Башка түрк тилдеринин көпчүлүгүндө ал “угуз” делет. Анан, дагы бул сөз (“ууз-угуз”) уйдун сүтүнө карата гана айтылат. Демек, ысымдын “бука” мааниси жокко чыкпайт, болгону бул ысымдын дагы бир башка мааниси бар экени билинет. Чечмелеп айтканда: “угуз” деп айтылганда – “адам атын”, “ууз”

деп айтылганда - "биринчи сүттү", "огуз" деп айтылганда - андан тараган "элди", "өгүз" деп айтылганда – "кара малды", "эгиз" деп айтылганда – "бийик тоону", "эгиз төрөлгөн балдарды", "өйүз" деп айтылганда "өзөндү" түшүнөбүз. Кайсыл жагынан албайлы, Угуз хандын ысмында "бука" тотеминин мааниси жатканы талашсыз. Бул анын, "буканы" тотем туткан байыркы арий уруулары менен болгон "тектик" байланышын каңкуулап турат? "Тарыхи хамсэ" аталган Курбангали Халидовдун санжырасында Кара хандын атасынын ысмы "Кызыл Бука" [118] деп айтылганы жазылат. Башкача айтканда, "Кызыл Бука" - Угуз хандын "чоң атасынын" ысмы.

**"Манас жана Дүйнөлүк адамдын образы".** Кыргыз эли үчүн Манас өтө ыйык жана өтө улуу түшүнүк. Кыргыз жана Манас ысымдары кээде синоним түшүнүктөр катары колдонула берет. Кыргыз болбой Манас болмок эмес, ал эми Манас болбой Кыргызды түшүнүү мүмкүн эмес. Кыргыз – "дене" болсо, Манас – "жан", "рух".

Кыргыз эли арыстан, кабылан, жолборсторду "ит тукумуна" таандык кылып сүйлөйт. Анан алардын баарынын балдарын "күчүк" дейт. "Кыргыз кызыл иттен тараган" деген сөз да жогоруда биз кеп кылган эпостогу мифке жана санжырадагы "кызыл тайган" жөнүндөгү тотемдик түшүнүккө байланыштуу айтылган. Андыктан Кыргыз элинин түп атасы – Манас атабыздын эпитеттери да эпосто: "ит Манас" эмес, "арыстан Манас", "кабылан Манас", "жолборс Манас", "көк жал Манас" деп айтылат. Ал эми "ак ит", "көк ит", "сары ит" же "кызыл ит" – жогорку арыстан, кабылан, жолборстордун "түстүк аттары".

"Ар бир элдин тарыхы, ошол элдин ичинен, өз элинин жүрөгүнүн тереңинде уюп жаткан улуу күчтү козгогон бир гениалдуу инсан же баатыр чыкканда башталат. Дал ошондон кийин "урук" же "уруу" элге айланат. Кийин, дал ошол уулун эскерип жатып, элдин аң-сезиминде мейкиндик жана мезгил боюнча өзүнүн биримдигин туйган бир ыйык сезим ойгонот. Ошол эс-тутум анан тарыхты жаратат". Кайсы эл болбосун, ошол элдин дүйнө таанымынын философиялык негиздеринин бири болуп, анын "Биринчи адам", "Түп ата" тууралу түшүнүктөрү, б. а. Адамдын табияты, ишмердиги жана Түп атанын ким экендиги, качан жаралгандыгы жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү эсептелет.

Эпосто Манасты "оң жагынан чолок көк жал арстан, сол жагынан кара чаар кабылан" жандап жүрөт. Жогорку маалыматтардын өзү Манасты Тик дүйнөнүн ээлери гана эмес, Түз дүйнөнүн ээлери да колдошорун айтып турат. Бул образ байыркы Туран цивилизациясына тиешелүү «айбанат стили» деп аталган арат элдеринин искусствосунун өзөгүн түзгөн деп айтар элек. Ал негизинен үч түрдүү: «адам образында», «тотем образында» жана «тамга» образында ташка чегилген жана ырга салынып, «Манас» жана «Огуз наме» сыяктуу улуу дастандарда ырдап турат. Албетте эпосто ыр саптары орундарын алмаштырып, кээде арстандын ордунда кабылан же кабыландын ордунда көк жал бөрү айтылган учурлар болот. Бирок, негизинен алардын түстүк символикалары туруктуу сакталат. Эпосто арстан, кабылан жана жолборс – согуш кудайлары, же жоокердик колдоочу духтар катары баяндалат. Бул



тотемдер дүйнөлүк мифтерде да күч-кубаттын, эрдиктин, баатырдыктын символдорун билдирет.

**Тик Дүйнөнүн колдоочулары.** Эпосто Жогорку дүйнөнүн ээси катары Алп кара куш айтылат. Бул куш тууралу энциклопедияда мындай делет: «оң каармандарга колдоо көрсөтүүчү сыйкырдуу, абдан зор куш, бүркүттүн мифтештирилген кейпи. А.П.Окладников түрк-монгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы жөнүндө: «бак-таалайдын жана молчулуктун символу болуу менен, мал менен кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат» деп айткан. Кээ бир учурларда бүркүт – асман ээси болсо, кээ бир учурларда ал асман ээсинин колдоочусу болуп саналат.

Жолборс – ортоңку дүйнөнүн ээси. Орхон-Эне-Сай жазмаларында кыргыз хандары жана баатырлары барсты (жолборс) ыйык тутканы белгилүү. Манастын кереметтүү бойго бүтүшү жана укмуштуу төрөлүшү да магиялык түшүнүктөр менен байланышкан. Улуу баатырлар төрөлөрдө энесинин жолборстун жүрөгүнө талгак болушу, андан төрөлгөн баланын келечектеги чексиз алп, зор күч-кубаттын ээси болорун кабарлайт.

Дүйнөлүк мифте жолборс – күч-кубаттын, кайраттын, баатырдыктын символу. Эпосто жолборстун эпикалык образы башкы каармандын тотеми катары кызмат аткарат. Ал дайым Ортонку дүйнөнүн ээси катары Манастын алдында, ортодо жүрөт. Бул Түз дүйнөнүн көрүнүшү. Жолборс Тик дүйнө боюнча да, Түз дүйнө боюнча да Дүйнөнүн ортосунда борборду ээлеген башкы тотем.

Ажыдаар – Төмөнкү дүйнөнүн ээси. Дүйнөлүк мифтерде жана элдик жомоктордо адамды, зор айбан жаныбарларды да оп тартып соруп коюуучу, каарданса оозунан от чыккан, кээде үч же жети баштуу, өлчөмсүз чоң, укмуштуу жылаан. Фольклордо оң образ катары да, терс образ катары да белгилүү. Бирок, жомоктордо көбүнчө терс образда жүрөт. Алгачкы ишенимдеги ажыдаардын образы суунун жана жаан-чачындын ээси, аны пайда кыла турган зор күч-кубат катары баяндалат. "Манас" эпосунда болсо, ажыдаар - баатырдын колдоочусу. Ал башка тотемдер менен бирге баатырдын кайратына кайрат кошуп, душманды чоочутуучу сүр, айбат берет.

Дүйнөлүк Тоо же Дүйнөлүк Дарак сыяктуу Манас да Тик дүйнөнүн үч катмарын бириктирип турат. Мына ошондуктан аны Үч Дүйнөнүн ээлери бирдей колдошот. Мунун өзү Манас үч катмар дүйнөнү бириктирип турган Угуз кагандын образындай улуу Дүйнөлүк Адамдын образына ээ экенинен кабар берет. Ошондуктан, "Дүйнөлүк Тоо", же "Дүйнөлүк Дарак" деген түшүнүктөр менен бирге биз "Дүйнөлүк Адам" деген түшүнүктү да катар айтабыз.

**Түз Дүйнөнүн колдоочулары.** Арстан – Оң канаттын колдоочусу. Арстан тууралу эпосто: "чолок көк жал арстаны", оң жагынан камынып" деп айтылат. Негизинен арстан – ак саргыл, боз саргыл түстөгү ит[3] тукумуна кирчү

[3] Илимде "мышык" тукумуна кирген жаныбарларды (арстан, кабылан, жолборс, барс ж.б.) кыргыз "ит" тукумуна киргизет. Бир бөрүдөн башкасынын баарынын балдарын "күчүк" дейт. Ал эми бөрүнүн баласы кыргыз тилинде "бөлтүрүк" деп айтылат.

жаныбар. Биздин оюбузча, анын бир аты-«барак», мааниси - "жүндүү ит". Башында менимче, бул сөз («барак») арстанга карата айтылган окшойт?

Эпосто арстан да, ырдын ыргагына жана уйкашына карата ордун өзгөртүп айтыла берет. Бирок түстүк символика боюнча ал - «ак ит». Ошол үчүн ал дайым Манастын оң кол тарабында жүрөт. Кыргыз элинин дүйнөтанымында Оң канаттын же Ак уулдун тотеми Багыш, же Бугу, ал эми жоокердик тотеми жана колдоочусу – арыстан.

Кабылан – Сол канаттын колдоочусу. Эпосто кабылан жөнүндө: «кара чаар кабылан, капталынан чамынып» деп ырдалат. Ал кара чаар (көк чаар) түстөгү ит тукумуна кирген жырткыч жаныбар. Ошондуктан түстүк символика боюнча, ал Сол кол тарапты ээлейт. Манас урушка бет алып бара́тканда, ал дайым анын сол тарабынан колдоого алып, душманды качырат. Ал кээде көк жалга айланып кетет, анткени, экөө тең Сол канаттын колдоочулары. Кыргыз элинин дүйнө таанымында Сол канаттын же Көк уулдун (Куу уулдун) түпкү тотеми инек (топоздун ургаачысы, уй.), ал эми жоокердик тотеми - кабылан.

Жолборс тууралу жогоруда айттык. Түз дүйнө көрүнүшүндө ал – Борбордун ээси. Жолборс жол баштаган, баатырдын алдында жүргөн тотем. Анын түстүк символу – «кызыл» («кызыл ит») же "сары" ("сары ит").

Энесайдагы таш жазмаларда кыргыз кагандарынын тотеми "барс" экени айтылат. Иран мифтеринин берген маалыматтары барс – байыркы арий хандарынын да тотеми болгонун кабарлайт. Ал турсун окумуштуулар Персия мамлекети менен Элбурс тоосунун аталыштарын "барс" тотемине байланыштуу келип чыккан деген пикирлерди да айтышат. Негизинен миф боюнча, Барс – "тоонун ээси". Андыктан, ал алгач тоодо жашаган элдердин тотеми болгон деп болжолдоого болот. Түштүк Сибирде жашаган кээ бир элдердин (саха) мифтеринде барс – "согуш кудайы" катары мүнөздөлөт.

Кыргыз барсты "илбирс" деп да айтат. Бул айтым алтайлыктарда "ирбис" формасында сүйлөнөт. Ушундай формада айтылышы анын эр (арий) элдердин тотеми болгонун тастыктап тургансыйт? Мисалы: илбирс = "ир+барс" ("ирбис"), "эр+барс" – "эл+барс" деген формаларга өтүп айтыла берет. Эпосто кылычтын да эң мыктысы жана курчу "албарс кылыч" деп айтылат. Бул: "эр барс кылыч" деген сөздүн өзгөрүп айтылган формасы болуу керек. Жолборс түздө, камыштын, токойдун арасында жашаса, илбирс бийик тоолордо жашайт. Кийинки доорлордогу Барстын ордун Бөрү ээлеген.

**"Кыргыз жана шумер эпосторундагы мифоэпикалык образдардын параллелдери"** аттуу бөлүмдө кыргыз-шумер эпикалык чыгармаларындагы мифоэпикалык образдардын окшоштуктарын жана алардын дүйнөтаанымдарынын философиялык маңызы талдоого алынган.

Баатырлардын образдары. Кыргыз эпосунда (мисалы, Манаста) да, шумер мифтеринде да (мисалы, Бильгамеш эпосунда) башкы каармандар күчтүү, акылман, асыл инсандар. Манас да Билгамешке окшоп, өз элин коргоо үчүн ар кандай сыноолорду жеңип, улуттук өзгөчөлүктүн символуна айланат. "Манас" эпосунда "катагандын хан Кошой" адамдык терең сапаттын символу. Кошой хан гана эмес, күрөштө өжөрлүктү, кайраттуулукту чагылдырган баатыр. Эпосто анын «касиеттүү хан Кошой» деп ырдалган даража-наамы бар. Анын батасы адамдардын тагдырына таасир эте ала турган өзгөчө күчкө ээ.



Мисалы, анын батасы аркылуу Семетей энесинин бойуна бүтүп, жарык дүйнөгө келет. Кошойдо бакшылык касиет бар, бул жагдайда бакшы кайталангыс сапаттарды камтыган акылмандыктын жана изгиликтин символуна айланат. Ар бир адеп-ахлактуу адам жарым-жартылай "бакшы" боло алат, анткени алар адамдарга колдоо жана үмүт алып келип, аларды туура жолго багыттайт [143].

Теңир дүйнөтаанымында бакшылар коомду жетектеп же элди ээрчитип, мамлекеттик структураларды түзүүдө жана кармап турууда негизги ролду ойношкон. Бильгамеш эпосу менен салыштырып изилдөөлөр да бул ойду баса белгилейт. Бильгамеш, «үчтөн экиси кудай, үчтөн бири адам», ал кудайлык сапаттар менен адамдык сапаттарды айкалыштырган идеалды билдирет. Анын "чаян адам" менен жолугушуусу биздин өзүн-өзү таанууга жана өнүгүүгө тоскоол болгон коркунучтарды жана тоскоолдуктарды жеңүүгө үндөйт. Ошентип, "Манас" эпосунда да, байыркы шумер мифтеринде да ар бир баатыр күрөшүүчү гана эмес, өз элинин улуу даанышмандыгынын алып жүрүүчүсү экендигин билебиз [139].

Эки эпосто тең бир туугандык жана достук темалары да кеңири баяндалган. Эки эпосто тең баатырлардын ортосундагы достукка, бир туугандыкка негизделген мамилелер маанилүү орунду ээлейт. «Манаста» Манас менен анын шериктеринин ортосунда бекем байланыш кандай бекем болсо, «Бильгамеш» эпосунда Бильгамеш менен Энкидунун ортосунда да шиделген достук бар. Бул мамилелер бийик максаттарга жетүү үчүн биримдиктин жана колдоонун маанилүүлүгүн көрсөтүп турат [140].

Шумер эпосунда рифма жок, бирок ага карабай, эки элдин чыгармачылыгындагы поэтикалык стилдеринин окшоштугу таң калтырат. Маселен, Молдо Кылычтын «Будайык» чыгармасы салт формада жазылган элдик поэзиянын эң мыкты үлгүлөрүнүн бири. Дал ушул поэманын стили менен шумер эпосундагы поэтикалык стил дээрлик бирдей. «Билгамеш» жана «Манас» эпосторун жакшы билген адис үчүн бул улуу чыгармалардын поэтикалык стилдериндеги окшоштуктарды оңой эле байкайт. Ал турсун, эки эпостогу айрым бир сюжеттик параллелдерди да аңдабай койууга мүмкүн эмес. Эки эпостун ортосун дээрлик "5" миң жылдык убакыт болуп турганына карабай, ушундай окшоштуктардын болушу - бул эки эпосту эле эмес, эпосторду жараткан эки элди да изилдөөгө алыш керек экенин тастыктайт. Келечекте биздин болжолду фольклористтер менен тарыхчылар далилдеп, тастыкташат деп ойлойм.

## КОРУТУНДУ

Байыркы кыргыздар эл коргогон, согуш талаасында жасаган эрдиктери менен атагы чыккан баатыр ата-бабалардын арбактарын ыйык тутушкан. Алар денеге физикалык жактан камкордук көрүүдөн тышкары, рухту да азыктандыруу керек экенин жакшы түшүнүшкөн. Ошондуктан көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн дүйнөлөрдү окуп-үйрөнүшкөн. Көзгө көрүнбөгөн дүйнөнүн ичинен жан тууралуу да көп ойлонушкан. Жан энергиясынын бир булагы болуп, ата-бабалардын руху саналган. Атактуу баатыр же акылман баба кайсы жерде жашап өтсө, өлгөндөн кийин да, анын руху анын урпактарына жана

жакындарына жардам берип, уруусун жана элин дайыма коргоп, колдоп турат деп ишенишкен. Кыргыздар көзү өткөн даңктуу ата-бабаларына арнаган таш эстеликтерди тургузуп, алардын эрдигин даназалаган эпикалык чыгармаларды жаратып, урпактарына калтырган осуят сөздөрүн таштарга чегип калтырышкан. Таш эстеликтер, урпактар менен ата-бабалардын рухтары жолуккан ыйык жер болгон. Ата-бабанын руху бейиште жашоосу үчүн алардын арбактарына арнап курмандыктар чалынган, аларды эскерип, ар кандай ырым-жырымдар өткөрүлгөн.

Кыргыз элинин маданий жана руханий салтын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө Теңир дүйнөтаанымынын ролун жана маанисин изилдөө азыркы гуманитардык илимдердин маанилүү багыты болуп саналат. Теңир дүйнөтаанымы Борбор Азиянын көчмөн элдеринин эң байыркы эли болгон кыргыздар үчүн ишеним жана идеологиялык система катары анын салт-нарктарынын сакталышына, этикалык жүрүм-турум нормаларынын жана ырым-жырымдарынын калыптанышына зор таасирин тийгизген. Жаратылыш обьектерин жана асман телолорун ыйык тутуу менен байланышкан архетиптик образдар жана ырым-жырымдар кыргыз элинин салттуу дүйнө таанымында азыр да актуалдуулугун жоготпой келе жатканын баса белгиледик.

Теңиртааным ритуалдары жана символдору кыргыздын салттуу турмуштук ырым-жырымдарында, ошондой эле көркөм кол өнөрчүлүктө, музыкада жана эпикалык чыгармачылыкта чагылдырылган жана колдонулуп келет. Руханий маданияттын бул катмары ааламдашуу шартында кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгүн сактоонун маанилүү фактору болуп саналат. Ошентип, байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын негизин түзгөн Теңир философемасынын азыркы кыргыз маданиятындагы жана элдик үрп-адаттагы, каада-салттагы ордун комплекстүү изилдөө улуттук аң-сезимибизди кеңейтүүгө гана эмес, урпактарга маданий мурастарды жеткирүүнүн жана жаңылоонун негизги механизмдерин аныктоого да мүмкүндүк берет.

Теңир философемасында өз ордун тапкан жана каада-салтка терең тамыр жайган байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымы диний-философиялык окуу катары изилденүүсү жана өнүгүүсү зарыл. Ал – Аалам термини менен түшүндүрүлгөн макрокосмос менен анын жердеги чагылышы болгон микрокосмос-Адамдын ажырагыс биримдигин, бөлүнгүс бүтүндүгүн даңазалаган диний-философиялык окуу. Кыргыз маданиятындагы Теңир философемасынын эволюциясы анын өзгөрүп жаткан тарыхый шарттарга ыңгайлашуу жөндөмүн көрсөтөт. Архаикалык космогониялык идеялардан өнүккөн этикалык-философиялык концепцияларга чейин Теңир философемасы улуттук дүйнө таанымдын негизги элементтерин ырааттуу түрдө тазалап, кайра жаңыртып турган. Ачык дүйнө тааным катары Теңир дүйнөтаанымынын тарыхын изилдөө төмөнкүдөй тыянакка алып келет:

1.Түрк-монгол элдери дүйнөлүк диндер пайда болгонго чейин жана андан кийин да, ар кандай этностук топтор катары жашап келишкени менен ар бир топ өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү сактап, бирок, бирдиктүү салттуу ишеним катары – Теңир дүйнөтаанымын карманышкан;

2.Теңиртааным, түрк-монгол элдеринин көпчүлүгү дүйнөлүк диндерди кабыл алганына карабастан, бул элдерди маданий жана руханий жактан



бириктирген универсалдуу көрүнүш. Демек, Теңир ишенимин "бутпарастык" ишеним деп атоо туура эмес, анткени бутпарастык дин бир уруунун же элдин дини катары түшүндүрүлөт;

3.Түрк-монгол элдеринин дүйнөтаанымынын өзөгүн түзгөн Теңиртаанымы христиан, ислам жана буддизмге караганда уюштуруучу жана бириктирүүчү чоң күч болгон. Анткени, хунндардын, түрктөрдүн жана монголдордун жеңиштүү жортуулдары так ушул Теңир кудайы тарабынан колдоого алынган;

4.Кийинки миң жылдыкта Теңир ишениминин ордун акырындык менен дүйнөлүк диндер ээледи. Бирок, түрк элдеринин көпчүлүгү кабыл алган ислам дини менен Теңир ишениминин ортосунда синкреттешүү процесси жүрүп, ал каршылашуу же тирешүү эмес, эки диний принциптин кандайдыр бир деңгээлде «жуурулушу» болгон;

5.Теңиртаанымы жалпы кабыл алынган мааниде "дин" эмес, бирок ал деисттик мүнөздөгү табигий диндин ролун да аткарып келген. Анткени, табигий диндин ыйык жазмалары, догмалары, негиздеген пайгамбарлар институту жана мечит, чиркөө сыяктуу атрибуттары болбойт. Теңир дининин андай эл чогулуп, кудайга сыйынуучу ыйык "мекемелери" болуп, ачык асман алдындагы мазарлар саналган;

6.Теңиртааным менен шаманчылык бир эле нерсе эмес. Андан улам, бакшылар менен камдардын функциялары да бири-биринен айырмаланган. Теңир бакшылары өткөрүп жаткан иш-чараларга жана сыйынуу ырым-жырымдарына башка ишенимдин адамдары катышууга укуксуз болушкан. Ошол эле учурда, бардык негиздер жана атрибуттар болгонуна карабай, Теңиртааным өзүн дин катары бекемдөөгө умтулган эмес;

7.Тенир космологиясы Тик дүйнө принциби боюнча: "Жогорку дүйнө", "Төмөнкү дүйнө" жана "Ортонку дүйнө" деп аталган "үч" катмардан жана Түз дүйнө принциби боюнча: "Оң", "Сол" жана "Борбор" деп аталган "үч" бөлүктөн турат;

8.Тенир дүйнөтаанымы дуалисттик маани-маңызга ээ ишеним болгон. Анын негизине: "Асман-Жер", "Чыгыш-Батыш", "Оң-Сол", "Ак-Кара", "Күн-Түн" принциптери салынган. Бирок, ал Даосизмге окшоп бир тараптуу эки күчтүн (Янь менен Индин) гармониясын же Зороастризм сыяктуу эки духтун (Ахурамазда менен Ахриман) күрөшүн идеологияга айландырбай, бардык учурда бири-бирин толуктаган эки духтун (Үлкен менен Эрлик) бүтүндүгү жөнүндөгү этнофилософияны өнүктүргөн. Бул дүйнөтааным "акылман сезимдин" же "сезимтал акылдын" ишмердигин, башкача айтканда, ар дайым "баш" менен "жүрөктүн" биримдигин камсыз кылган принципти карманган;

9.Байыркы сак, сармат жана скиф коомдору сыяктуу эле Кыргыз коомунун этнотүзүлүшү да Макрокосмостун жердеги микромоделин чагылдырып турган. Тик дүйнө принциби боюнча коом, түпкү аталардын ысымдары ("Көгөй бий", "Тагай бий" жана "Көлөй бий") менен белгиленип, ал эми Түз дүйнө принциби боюнча: Көгөй бийден тараган урпактар "Борборду" ээлеп - "бийлер", Тагай бийден тараган урпактар "Оң канатты" ээлеп - "билгилер", ал эми Көлөй бийден тараган урпактар "Сол канатты" ээлеп

жакындарына жардам берип, уруусун жана элин дайыма коргоп, колдоп турат деп ишенишкен. Кыргыздар көзү өткөн даңктуу ата-бабаларына арнаган таш эстеликтерди тургузуп, алардын эрдигин даназалаган эпикалык чыгармаларды жаратып, урпактарына калтырган осуят сөздөрүн таштарга чегип калтырышкан. Таш эстеликтер, урпактар менен ата-бабалардын рухтары жолуккан ыйык жер болгон. Ата-бабанын руху бейиште жашоосу үчүн алардын арбактарына арнап курмандыктар чалынган, аларды эскерип, ар кандай ырым-жырымдар өткөрүлгөн.

Кыргыз элинин маданий жана руханий салтын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө Теңир дүйнөтаанымынын ролун жана маанисин изилдөө азыркы гуманитардык илимдердин маанилүү багыты болуп саналат. Теңир дүйнөтаанымы Борбор Азиянын көчмөн элдеринин эң байыркы эли болгон кыргыздар үчүн ишеним жана идеологиялык система катары анын салт-наркторынын сакталышына, этикалык жүрүм-турум нормаларынын жана ырым-жырымдарынын калыптанышына зор таасирин тийгизген. Жаратылыш обьектерин жана асман телолорун ыйык тутуу менен байланышкан архетиптик образдар жана ырым-жырымдар кыргыз элинин салттуу дүйнө таанымында азыр да актуалдуулугун жоготпой келе жатканын баса белгиледик.

Теңиртаанымы ритуалдары жана символдору кыргыздын салттуу турмуштук ырым-жырымдарында, ошондой эле көркөм кол өнөрчүлүктө, музыкада жана эпикалык чыгармачылыкта чагылдырылган жана колдонулуп келет. Руханий маданияттын бул катмары ааламдашуу шартында кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгүн сактоонун маанилүү фактору болуп саналат. Ошентип, байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын негизин түзгөн Теңир философемасынын азыркы кыргыз маданиятындагы жана элдик үрп-адаттагы, каада-салттагы ордун комплекстүү изилдөө улуттук аң-сезимибизди кеңейтүүгө гана эмес, урпактарга маданий мурастарды жеткирүүнүн жана жаңылоонун негизги механизмдерин аныктоого да мүмкүндүк берет.

Теңир философемасында өз ордун тапкан жана каада-салтка терең тамыр жайган байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымы диний-философиялык окуу катары изилденүүсү жана өнүгүүсү зарыл. Ал – Аалам термини менен түшүндүрүлгөн макрокосмос менен анын жердеги чагылышы болгон микрокосмос-Адамдын ажырагыс биримдигин, бөлүнгүс бүтүндүгүн даназалаган диний-философиялык окуу. Кыргыз маданиятындагы Теңир философемасынын эволюциясы анын өзгөрүп жаткан тарыхый шарттарга ыңгайлашуу жөндөмүн көрсөтөт. Архаикалык космогониялык идеялардан өнүккөн этикалык-философиялык концепцияларга чейин Теңир философемасы улуттук дүйнө таанымдын негизги элементтерин ырааттуу түрдө тазалап, кайра жаңыртып турган. Ачык дүйнө тааным катары Теңир дүйнөтаанымынын тарыхын изилдөө төмөнкүдөй тыянакка алып келет:

1.Түрк-монгол элдери дүйнөлүк диндер пайда болгонго чейин жана андан кийин да, ар кандай этностук топтор катары жашап келишкени менен ар бир топ өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү сактап, бирок, бирдиктүү салттуу ишеним катары – Теңир дүйнөтаанымын карманышкан;

2.Теңиртааным, түрк-монгол элдеринин көпчүлүгү дүйнөлүк диндерди кабыл алганына карабастан, бул элдерди маданий жана руханий жактан



бириктирген универсалдуу көрүнүш. Демек, Теңир ишенимин "бутпарастык" ишеним деп атоо туура эмес, анткени бутпарастык дин бир уруунун же элдин дини катары түшүндүрүлөт;

3.Түрк-монгол элдеринин дүйнөтаанымынын өзөгүн түзгөн Теңиртаанымы христиан, ислам жана буддизмге караганда уюштуруучу жана бириктирүүчү чоң күч болгон. Анткени, хунндардын, түрктөрдүн жана монголдордун жеңиштүү жортуулдары так ушул Теңир кудайы тарабынан колдоого алынган;

4.Кийинки миң жылдыкта Теңир ишениминин ордун акырындык менен дүйнөлүк диндер ээледи. Бирок, түрк элдеринин көпчүлүгү кабыл алган ислам дини менен Теңир ишениминин ортосунда синкреттешүү процесси жүрүп, ал каршылашуу же тирешүү эмес, эки диний принциптин кандайдыр бир деңгээлде «жуурулушу» болгон;

5.Теңиртаанымы жалпы кабыл алынган мааниде "дин" эмес, бирок ал деисттик мүнөздөгү табигий диндин ролун да аткарып келген. Анткени, табигий диндин ыйык жазмалары, догмалары, негиздеген пайгамбарлар институту жана мечит, чиркөө сыяктуу атрибуттары болбойт. Теңир дининин андай эл чогулуп, кудайга сыйынуучу ыйык "мекемелери" болуп, ачык асман алдындагы мазарлар саналган;

6.Теңиртааным менен шаманчылык бир эле нерсе эмес. Андан улам, бакшылар менен камдардын функциялары да бири-биринен айырмаланган. Теңир бакшылары өткөрүп жаткан иш-чараларга жана сыйынуу ырым-жырымдарына башка ишенимдин адамдары катышууга укуксуз болушкан. Ошол эле учурда, бардык негиздер жана атрибуттар болгонуна карабай, Теңиртааным өзүн дин катары бекемдөөгө умтулган эмес;

7.Тенир космологиясы Тик дүйнө принциби боюнча: "Жогорку дүйнө", "Төмөнкү дүйнө" жана "Ортонку дүйнө" деп аталган "үч" катмардан жана Түз дүйнө принциби боюнча: "Оң", "Сол" жана "Борбор" деп аталган "үч" бөлүктөн турат;

8.Тенир дүйнөтаанымы дуалисттик маани-маңызга ээ ишеним болгон. Анын негизине: "Асман-Жер", "Чыгыш-Батыш", "Оң-Сол", "Ак-Кара", "Күн-Түн" принциптери салынган. Бирок, ал Даосизмге окшоп бир тараптуу эки күчтүн (Янь менен Индин) гармониясын же Зороастризм сыяктуу эки духтун (Ахурамазда менен Ахриман) күрөшүн идеологияга айландырбай, бардык учурда бири-бирин толуктаган эки духтун (Үлкен менен Эрлик) бүтүндүгү жөнүндөгү этнофилософияны өнүктүргөн. Бул дүйнөтааным "акылман сезимдин" же "сезимтал акылдын" ишмердигин, башкача айтканда, ар дайым "баш" менен "жүрөктүн" биримдигин камсыз кылган принципти карманган;

9.Байыркы сак, сармат жана скиф коомдору сыяктуу эле Кыргыз коомунун этнотүзүлүшү да Макрокосмостун жердеги микромоделин чагылдырып турган. Тик дүйнө принциби боюнча коом, түпкү аталардын ысымдары ("Көгөй бий", "Тагай бий" жана "Көлөй бий") менен белгиленип, ал эми Түз дүйнө принциби боюнча: Көгөй бийден тараган урпактар "Борборду" ээлеп - "бийлер", Тагай бийден тараган урпактар "Оң канатты" ээлеп - "билгилер", ал эми Көлөй бийден тараган урпактар "Сол канатты" ээлеп

"байлар" катмарын түзүшкөн. Ал эми "төртүнчү" төмөнкү катмар мал караган, жер айдаган жана кара жумуш жасаган карапайым калкка тиешелүү болгон;

10.Бет алды тарап "Күн чыгыш" же "Түштүк" тарап эсептелген да, жазгы жана күзгү майрам учурунда хандын чакыруусу менен Чоң Ордого чогулган үч улустун (үч канаттын) өкүлдөрү өздөрүнө арнап тигилген үйлөргө жайланышкан. Ордонун алды тарабына ортого - Ички улус урууларынын, Ордонун күн батыш тарабына - Оң улус урууларынын, Ордонун күн чыгыш тарабына тигилген үйлөргө Сол улус урууларынын өкүлдөрү киришкен;

11.Байыркы кыргыз дүйнөтаанымы боюнча: "дүйнөлүк тоо" катары – Теңир-Тоо, "дүйнөлүк дарак" катары – Бай Терек же Чынар Терек, "дүйнөлүк эл" катары – Кыргыз, "дүйнөлүк адам" катары Манас саналган. Дүйнөлүк Тоо менен Дүйнөлүк Дарак, Дүйнөнү Тик багыты боюнча да, Түз багыты боюнча кандай бириктирип турса, Дүйнөлүк Эл менен Дүйнөлүк Адам да "эки дүйнөнү" ошондой эле бириктирип турушат.

Түрк-монгол элдеринин ичинен огуздар менен кыргыздар Дүйнөлүк Тоо менен Дүйнөлүк Дарактын образын чагылдырган "Дүйнөлүк Эл" менен "Дүйнөлүк Адамдын" образдарын түзүшкөн. Алар "Огуз наме" эпосунун башкы каарманы – Угуз хандын жана "Манас" эпосунун башкы каарманы Манастын образдары аркылуу көрүнөт. "Ата Кудай" образында көрүнгөн Угуз хан улуу аялы Нурпериден төрөлгөн үч уулу (Күн хан, Ай хан жана Жылдыз хан) аркылуу - Түз дүйнөнү, кичүү аялы Сууperiden төрөлгөн үч уулу (Көк хан, Таг хан жана Денгиз хан) аркылуу Тик дүйнөнү элестетип, эки дүйнө бириккен чекитте Дүйнөлүк Дарактын образын элестетип турат. Ал эми Манас атабыз эки дүйнөнү өзүн колдогон духтар аркылуу бириктирет. Эки дүйнөнүн ээлери болушкан ал духтар "тотем" көрүнүшүндө сүрөттөлүп, Түз дүйнө боюнча – арстан, жолборс жана кабылан аркылуу, Тик дүйнө боюнча – алп кара куш, жолборс жана ажыдаар аркылуу эки дүйнөнү бириктирип, Дүйнөлүк Тоонун образын чагылдырган Манас өзү эки дүйнөнүн кесилишкен чок ортосунда турат.

Геродоттун маалыматы боюнча, байыркы хан скифтер: "өздөрүнүн коомун Космос моделинин үлгүсү менен түзүп жашаган Эл гана бактылуу жашайт" деп ишенишкен. Биздин эл түпкү маанисин унутуп калганына карабай, хан скифтердин мифиндеги: "Ак уул, Көк уул жана Кызыл уул" деп айтылган түстүк ысымдарын жана "Он канат", "Сол канат", "Ички улус" болуп түзүлгөн коомдук түзүлүшүн ушул убакка чейин сактап келатышат. Урпактар бул түзүлүштүн ички маани-мазмундарын унутуп калышканы менен анын сырткы көрүнүшүн бүгүнкү күнгө чейин бузушкан жок. Философтор менен окумуштуулар эми аны байыркы бабалар түшүнгөн түшүнүк менен чечмелеп, аны бүгүнкү күнгө ылайык этнофилософиялык аспектиден изилдөөдө турат.

Жогорку принциптердин баары ислам динин кабыл алгандан кийин анын элементтери менен аралашып, көп нерселери унутулган. Ислам менен башка элдин идеологиясы, башка элдин дүйнөтаанымы келген. Арий ата-бабаларыбыздын салттары семит элдеринин салттары менен аралашып, элдин жашоо образы өзгөрүлүп баштаган.



## ЖАРЫК КӨРГӨН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. *Алымбаев А.М.* Туран жана Тавр тоолору. [Текст] *Алымбаева А.М.* // «Манас ааламы» илимий журнал №1. Бишкек. "Турар". 2016. 153-160-бб.
2. *Алымбаев А.М.* Манастын курултайда хан шайланышы. [Текст] *Алымбаева А.М.* // «Манас ааламы» илимий журнал №3. Бишкек. "Турар". 2017. 59-69-бб.
3. *Алымбаев А.М.* Алгачкы адам жөнүндө байыркы элдердин дүйнөтаанымдары [Текст] *Алымбаева А.М.* // «Манас ааламы» илимий журнал №4. Бишкек. "Турар". 2017. 145-157-бб.
4. *Алымбаев А.М.* Борбор Азиянын байыркы элдери тууралуу тарыхый-этнографиялык маалыматтар жана уламыштар. [Текст] *Алымбаева А.М.* // «Манас ааламы» илимий журнал №5. Бишкек. "Турар". 2018. 48-59-бб.
5. *Алымбаев А.М.* Алтын казык Аксы. Монография [Текст] *Алымбаева А.М.* - Бишкек: 2018.
6. *Алымбаев А.М.* Пророческая миссия эпического поэта. [Текст] *Алымбаева А.М.* // Всероссийской научно-практической конференции с международным участием, посвященной 100-летию со дня рождения сказительницы Натальи Черноевой. 2019. С. 201-213. www.elibrary.ru/item.asp?id=39821563.
7. *Алымбаев А.М.* Туран - страна Тенгри. [Текст] *Алымбаева А.М.* // Тенгрианство и эпическое наследие народов Евразии: истоки и современность. Сборник статей VII Международной научно-практической конференции. 2019. С. 32-37.
8. *Алымбаев А.М.* Шаманская миссия эпического поэта [Текст] *Алымбаева А.М.* // Qazaqtaný. 2019. № 3 (3). С. 240-248. www.elibrary.ru/item.asp?id=42912071
9. *Алымбаев А.М.* Араттардын түпкү ата журту. [Текст] *Алымбаева А.М.* // «Манас, Ч.Айтматов ааламы» илимий журнал №2 (8). Бишкек. "Турар". 2020. 142-150-бб.
10. *Алымбаев А.М.* Человековедение. Монография [Текст] *Алымбаева А.М.* – Душанбе. учебник. 2021. Соавтор. Орус тилинде.
11. *Алымбаев А.М.* Улуттук эс-тутум. Монография [Текст] *Алымбаева А.М.* - Бишкек: 2022.
12. *Алымбаев А.М.* Адамтаанууга киришүү. Монография [Текст] *Алымбаева А.М.* – Душанбе. Окуу китеби. 2023. Авторлош. Кыргыз тилинде.
13. *Алымбаев А.М.* Манасты дүйнөгө даназалагандар. Монография [Текст] *Алымбаев А.М.* - Бишкек: 2023.
14. *Алымбаев А.М.* Теңир дүйнөтаанымынын дуалисттик мүнөзү. [Текст] *Алымбаев А.М.* // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2023. № 1. С. 182-186. www.elibrary.ru/item.asp?id=53852487
15. *Алымбаев А.М., Нусубалиева Г.Б.* Теңир теоними жана анын философиялык аныктамалары. [Текст] *Алымбаева А.М., Нусубалиева Г.Б.* // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2023. № 1 С. 187-191. www.elibrary.ru/item.asp?id=53852488

16. *Alymbaev A.M.* The Aryan Myth of the First Man Manu and Parallels in the Kyrgyz Epic of Manas. Bulletin of Science and Practice. 2023. Т. 9. № 6. С. 716-721. https://doi.org/10.33619/2414-2948/91/92

17. *Алымбаев А.М.* Кыргызский и русский языки в евразийском пространстве. [Текст] *Алымбаев А.М.* // Бюллетень науки и практики. 2023. Т. 9. №6. С. 722-733. https://doi.org/10.33619/2414-2948/91/93

18. *Алымбаев А.М.* Социалдык философиядагы дин теорияларынын калыптанышы. [Текст] *Алымбаев А.М.* // Вестник КР 1 (1) 2023. С. 86-92. www.elibrary.ru/item.asp?id=54278886

19. *Алымбаев А.М., Нусубалиева Г.Б.* Тенир теониминин таралуу ареалы жана ага сыйынуу ырым-жырымдары. [Текст] *Алымбаев А.М., Нусубалиева Г.Б.* // Вестник КР 1 (1) 2023. С. 93-103. www.elibrary.ru/item.asp?id=54278884

20. *Алымбаев А.М.* Миграционная ситуация в Кыргызской Республике после covid-19. [Текст] *Алымбаев А.М.* // Бюллетень науки и практики. 2023. Т. 9. № 8. С. 210-219. www.elibrary.ru/item.asp?id=54306311

21. *Мукасов Ы.М., Алымбаев А.М.* Новый подход к использованию терминов «арийский» и «индоиранский» (историко-философский аспект). [Текст] *Мукасов Ы.М., Алымбаев А.М.* // Бюллетень науки и практики. 2023. Т. 9. № 8. С. 303-733. www.elibrary.ru/item.asp?id=54306324

22. *Алымбаев А.М.* Угуз хан Тенир дүйнөтаанымынын реформатору. [Текст] *Алымбаев А.М.* // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана № 4, 2023. С. 231-237.

23. *Алымбаев А.М.* «Билгамеш» менен «Манас» эпосторундагы достук идеясы жана анын философиясы. [Текст] *Алымбаев А.М.* // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана № 4, 2023. С. 226-231.

24. *Алымбаев А.М.* Ислам жана тотемизм. [Текст] *Алымбаев А.М.* // Вестник. НАН КР.

25. *Алымбаев А.М.* Кыдыр менен Муса пайгамбардын жолугушуусу. [Текст] *Алымбаев А.М.* // Вестник. НАН КР // №3, 2023. С. 201-210.

26. *Саралаев Н.К., Алымбаев А.М., Салморбекова Р.Б.* Мифология этногенеза: опыт Киргизии. Киргизско-огузские мифы как фактор этнической консолидации киргизского общества. [Текст] *Саралаев Н.К., Алымбаев А.М., Салморбекова Р.Б.* // Вопросы философии / 2023, № 10. Вопросы философии / 2023, № 10. С. 185-193. www.elibrary.ru/item.asp?id=54613925

27. *Алымбаев А.М.,* Зарегистрированные мусульманские религиозные организации и образовательные учреждения в Кыргызстане. [Текст] *Алымбаева А.М., Салморбекова Р.Б.* // Бюллетень науки и практики. 2023. Т. 9. № 9. С. 221-225. www.elibrary.ru/item.asp?id=54696236

28. *Алымбаев М. А.,* Нусубалиева Г. Б. Феномен одиночества в контексте философско-религиозной идеологии // Бюллетень науки и практики. 2024. Т. 10. №3. С. 594-600. https://doi.org/10.33619/2414-2948/100/79



**Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Байыркы кыргыз дүйнө таанымынын мифоэпикалык табияты: тенир философемасынын эволюциясы” аттуу темада жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр**: адам, дүйнө таануу, кыргыз, миф, мифоэпика, өнүгүү, коом, табият, теңир, философема.

**Изилдөөнүн объектиси:** байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы, анын философиялык принциптери, ишенимдери, баалуулуктары.

**Изилдөөнүн предмети**: Теңир философиясы – байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын негизги түшүнүктөрүнүн жана компоненттеринин бири.

**Иштин максаты.** Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымы жана анын калыптанышына кошкон салымын изилдөө, ошондой эле Теңир философемасынын эволюциясын, анын кыргыз маданияты жана каада-салттары менен байланыштарын талдоо..

**Изилдөөнүн методдору жана аппаратурасы**. Изилдөөнүн методологиялык негизин тарыхый булактарды, анын ичинде байыркы кыргыз маданиятына жана мифоэпикалык дүйнөтаанымына байланыштуу тарыхый документтерди талдоо түзөт. Салыштырмалуу анализ, тенир философиясын башка философиялык системалар жана дүйнөтаанымдар менен алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктоо. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымына, Тенир философемасына байланышкан илимий эмгектерди, изилдөөлөрдү жана макалаларды изилдөө.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы.**. Байыркы убактан бүгүнкү күнгө чейинки кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымын этнофилософиялык аспектиден талдоонун негизинде келип чыккан диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору жаңычыл мүнөзгө ээ болуу менен изденүүчүнүн бул багыттагы изилдөөгө кошкон жеке салымы катары эсептелет.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациялык иштин негизги жоболорун кыргыз элинин байыркы доордон азыркы учурга чейинки философиялык ой-пикирин тереңдетип изилдөө, анын негизги белгилерин, теңирчилик философиясын түшүнүү жана аныктоо процессинде пайдаланууга болот.

**Колдонуучу тармактар**. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыгызстандын руханий жашоосунун азыркы кездеги мазмунун, багытын байытууга, билим берүү процессинде,жаш муундарды тарбиялоого өз салымын кошмокчу.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Алымбаева Абдырахмана Мырзагуловича на тему "Мифоэпическая природа мировозрения древних кыргызов: эволюция философемы Тенгри" представленной на соискание ученой степени доктора философских наук по специальности 09.00.03 – история философии**

**Ключевые слова**: человек, мировозрение, кыргызы, миф, мифоэпика, развитие, общество, природа, тенгир, философема.

**Объектом исследования** является древне-кыргызское мировоззрение, его философические принципы, верования, ценности, которые сформировались в этой культуре в древние времена и имели свое развитие в течение истории.

**Предметом исследования** являются философия Тенгри – одно из ключевых понятий и компонентов древне-киргизского мировоззрения.

**Цель работы**. Исследовать эволюцию философии Тенгри и ее вклад в формирование древне-кыргызского мировоззрения, а также проанализировать связи между философией Тенгри и другими аспектами культуры и традиций кыргызов.

**Методы исследования и аппаратура**. Методологической основой изучения исследования является анализа исторических источников, включая исторические документы, связанные с древне-киргизской культурой и мировоззрением. Компаративный анализ, изучение философии Тенгри с другими философскими системами и мировоззрениями с целью определения их сходств и различий. Документационный анализ, изучение научных публикаций, исследований и статей, связанных с древне-киргизским мировоззрением и философией Тенгри.

**Полученные результаты и их новизна**. В диссертации вперые была исследована эволюция философемы Тенгри кыргызского народа. Основные научные результаты и положения диссертации, полученные на основе концептуального историко-философского исследования древне-кыргызского народа с древнейших времен до современности являются личным вкладом исследователя.

**Рекомендации по использованию**. Основные положения диссертационной работы могут быть использованы в процессе углубленного изучения философской мысли кыргызского народа с древнейших времен до современности, понимания и выявления основных его особенностей.

**Область применения**. Результаты исследования могут найти применение в духовной жизни Кыргызстана, учебно-воспитательном процессе, агитационно-пропагандиской деятельности и воспитании подрастающего поколения.





## RESUME

**dissertation of Alymbaev Abdyrakhman Myrzagulovich on the topic "The mytho-epic nature of the ancient Kyrgyz worldview: the evolution of the philosophy of the Tenirs", submitted for the degree of Doctor of Philosophical Sciences, specialty 09.00. 03 – history philosophy**

**Key words:** human, worldview, Kyrgyz, myth, mythoepic, development, society, nature, tengir, philosophy.

**The object** of the study is the ancient Kyrgyz worldview, its philosophical principles, beliefs, values that were formed in this culture in ancient times and had their development throughout history.

**The subject** of the study is the philosophy of tenirs - one of the key concepts and components of the ancient Kyrgyz worldview.

**The purpose of the research.** Explore the evolution of Tenir philosophy and its contribution to the formation of the ancient Kyrgyz worldview, as well as analyze the connections between Tenir philosophy and other aspects of Kyrgyz culture and traditions.

**Research methods and equipment.** The methodological basis for the study is the analysis of historical sources, including historical documents related to the ancient Kyrgyz culture and worldview. Comparative analysis, the study of tenir philosophy with other philosophical systems and worldviews in order to determine their similarities and differences. Documentation analysis, study of scientific publications, studies and articles related to the ancient Kyrgyz worldview and philosophy of the tenirs.

**The results obtained and their novelty.** The dissertation was the first to explore the evolution of the Tengir philosophy of the Kyrgyz people. The main scientific results and provisions of the dissertation, obtained on the basis of a conceptual historical and philosophical study of the ancient Kyrgyz people from ancient times to the present, are the personal contribution of the researcher.

**Recommendations for use.** The main provisions of the dissertation work can be used in the process of in-depth study of the philosophical thought of the Kyrgyz people from ancient times to the present, understanding and identifying its main features, tengir philosophy.

**Application area.** The results of the study can be used in enriching the spiritual life of Kyrgyzstan, the educational process, propaganda activities and the education of the younger generation.

Форматы: 60х84/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 2.75 б.т. Нускасы: 20

«Maxprint» басмасында басылды.

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 555) 57-47-98
(+996 505) 92-12-02
e-mail: maxprint@mail.ru